**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# КЫРГЫЗ ЖАНА ДҮЙНӨ АДАБИЯТЫ

предмети боюнча окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюдары үчүн

# ОКУУ ПРОГРАММАСЫ

*V- XI класс*

**Бишкек - 2023**

**Кыргыз жана дүйнө адабиятынын программасы** (окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын V- XI класстары үчүн)
Түз.: С.Байгазиев, А.Муратов, С.Рысбаев ж.б. –Бишкек, 2023. - ... б.

**Түзүүчүлөр:**

1. **Байгазиев С.О.,** КББАнын Тарбия, социалдаштыруу жана мектептен сырткаркы кошумча билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери, филология илимдеринин доктору, профессор
2. **Муратов А.Ж.,** И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору, профессор
3. **Рысбаев С.К.,** КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери, педагогика илимдеринин доктору, профессор
4. **Акматов К.К.,** "Маариф" мектебинин директору, педагогика илимдеринин доктору, профессор
5. **Батыркулова А.Б.,** КББАнын филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты
6. **Жээнтаева К.К.,** Бишкек шаарындагы №12 мектеп-гимназия окуу-тарбиялоо комплексинин кыргыз тили, адабияты мугалими

*Бул окуу программасы окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүү уюмдарынын V-XI класстарында кыргыз жана дүйнө адабияты предметинин мазмунун, көлөмүн аныктап, окуу китептерин түзүүчүлөргө, методисттерге жана мугалимдерге багыт берет.*

## М А З М У Н У

**ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ**..........................................................................4

**1. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ**......................................................6

1.1. Предметтин максаттары жана милдеттери ...............................................6

1.2..Предметтик компетенттүүлүктөр ...........................................................7

1.3. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр ......................................8

**3. ОКУУ МАТЕРИАЛЫНЫН МАЗМУНУ**

3.1. Сааттардын класстар боюнча бөлүштүрүлүшү........................................9

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары жана ченемдери..........................................................................................32

# ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Кыргыз Республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнүн мамлекеттик стандартында кыргыз адабиятынын (окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептер жана класстар үчүн) башкы максаты окуучуларды «...кыргыз адабий казынасын кыргыз тилинде тааныштыруу аркылуу кыргыз адабияты тууралуу жалпы түшүнүктөрүн калыптандыруу, кыргыз тилинен алган билимдерин, оозеки жана жазма речин өстүрүүгө көмөктөшүү, адабий чыгармалар боюнча түпкү элдин жалпы улуттук, этнографиялык, этнопедагогикалык өзгөчөлүктөрүн, менталитетин, психологиясын таанып билүү, адабияттын адептик, эстетикалык-гедонисттик, таалим-тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк таасирин жаштарга сиңирүү» деп белгилеген. Программа ал биринчиден, дүйнөлүк билим берүү жана окутуу тармагындагы соңку жетишкендиктерди эске алып, азыркы талаптарга ылайыкталды. Экинчиден, бул нормативдик документ кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты окутуу багытындагы алгачкы топтолгон тажрыйбаларды, мугалим-практиктердин пикир-сунуштарын эске алынуу менен бир кыйла жөнөкөйлөштүрүлүп иштелди. Үчүнчүдөн, 2023-2014-окуу жылына сунуш этилген жаңы окуу планына ылайык сааттардын бөлүштүрүлүшүнө карата материалдар бир кыйла конкреттештирилип, кыргыз адабияты жана дүйнөлүк адабият предмети 5-11-класстарда жумасына 1 сааттан окутуулууга негизделгендиктен материалдар ошого карай жайгаштырылды.

Программага сунушталуучу чыгармаларды иргөөдө окуучулардын жаш өзгөчөлүгү, улуттук менталитет эске алынып, көркөм чыгармалардын көтөргөн проблемасына, айрыкча таалим-тарбиялык маанилерине тереңирээк көңүл бурулду.

Ар бир адабиятчы мугалим бул программада иш алып баруу менен кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты башка улуттун балдарына үйрөтүүдө, кыргыз элинин көөнөрбөс мурастарын, каада-салттарын, жер кооздуктарын, Ата журттун ажайып көрүнүштөрүн сөз кудурети менен жеткирип, ага сый мамиле жасоо негизги милдети экендиги эске алынды.

Программага чыгармаларды тандап алууда төмөнкүдөй критерийлер эске алынды:

- сунуш кылынып жаткан чыгарманын идеялык тазалыгы, тарбиялык жактан маанилүүлүгү;
- чыгармалардын жалпы адамзаттык нарктуулукка ылайык келерлиги, гуманисттик бийик ойлорунун орун алгандыгы;
- чыгарманын көркөм-эстетикалык салмагынын жогорулугу;
- тандалган чыгармалардын кыргыз тилин үйрөнүүгө көмөктөшүү үчүн мүмкүнчүлүгү бар экендиги, тилдик байлыктарынын молдугу жана окуучуларга ылайыктуулугу;
- чыгармалардын тек, түр, жанр, тематика боюнча ар түрдүүлүгү, кыргыз адабиятынын оозеки формасын, ырчылык өнөрдү жана профессионалдуу жазма адабияттын толук эске алынгандыгы;
- окутууга тандалып жаткан чыгармалардын балдардын курак өзгөчөлүгүнө, окурмандык кызыгууларына, кабыл алуусуна ылайык келерлиги;
- үйрөнүлүүчү чыгарманын кыргыз элинин жана дүйнөдөгү ар түрдүү элдердин этномаданий, этнопедагогикалык, этнографиялык өзгөчөлүктөрүн көбүрөөк жана туура чагылдырышы, ошолорду башка улуттун адамдары үйрөнүүгө көмөк кошуусу;

Чыгармаларды тандоодо советтик мектептин салтына бекем кирген идеологиялык кызматы, авторлордун авторитети, китептердин сыйлыкка татыктуу болгондугу башкы чен өлчөм катары каралбады. Бир топ көлөмдүү чыгармалардан үзүндү берилип, ал чыгарманын кайсыл үзүндүсү экендиги программада көбүнчө белгиленбеди, аны ылгап алуу окуу китебин түзүүчүлөргө (окуу китептери чыкканга чейин мугалимдерге) калтырылды.

Жазуу иштеринин формасын, түрлөрүн тандоону мугалимдин өзүнө калтырдык.

**Программаны колдонуучуларга усулдук кеңештер:**

1. Кыргыз жана дүйнө адабиятын бөтөн тилдүүлөргө үйрөтүү кыргыз тилин жакшы өздөштүрүү, тил аркылуу улуттук рухту, этномаданий мурастарды сиңдирүүгө көмөктөшүү кызматын аткарат.
2. Чыгармалардын тандалуусунда көбүнчө кыргыз жана дүйнө элдеринин этнографиялык өзгөчөлүктөрүн реалдуу чагылдырылгандарын, этнопедагогикалык жактан баалуулугун, кыргыз жергесинин пейзаждык сүрөтүн сөз менен жакшы тарткандарын биринчилерден болуп иргеп алдык.
3. Программада чыгармаларга сааттар бөлүнүү менен жазуу иштерине, кайталоолорго да өзүнчө сааттар калтырылды. Чыгармаларды үйрөнүүгө бөлүнгөн сааттарда да ошол чыгарманын айланасында жазуу жумуштарын жүргүзүүгө, кайталоолорду өткөрүүгө толук мүмкүн.
4. Айрым чоң чыгармалардан (эпос, поэма, роман, повесть, көлөмдүү аңгеме) үзүндү тандап алуу окуу китебин түзүүчүлөргө калтырылат.
5. Орус, өзбек, тажик мектептеринде кыргыз адабиятынын тарыхы терең окутулбайт, башкысы бул предметтен мектептин негизги курсунда (5-9-класстар) сөз өстүрүү үчүн адабий тексттер гана тандалып алынат. Ал эми жогорку класстарда (10-11-класстарда) айрым учурда гана авторлор тууралуу кыска маалыматтар берилет да, бул курс жарым-жартылай тарыхый-хронологиялык принципте түзүлөт.
6. Бул программада ар бир класста чыгармаларды үйрөнүүдөн тышкары сөз өстүрүү, жазуу жумуштары жана кайталоолор үчүн атайын сааттар көбүрөөк бөлүндү, мына ушул сабактарды класстан тышкаркы окуулар үчүн да пайдаланса максатка ылайыктуу болот.
7. Биздин программага ылайык окуу китептери хрестоматия-окуу китеби тибинде түзүлөт (жазылат), б. а. бардык класстарда көркөм чыгармалардын тексттери сунуш кылынган саатка ылайык, кыскалары толук, көлөмдүүлөрү үзүндү түрүндө окуулуктарга киргизилет жана алар методикалык аппарат менен жабдылат.
8. Биздин программа менен окутууда сабактарда текстти талдоо учурунда эң көп жумуштар ошол тексттеги кыргыз сөзүн үйрөнүүгө жумшалат, демек, монологдук жана диалогдук речтерди талдоо, автордун баяндоо, ой жүгүртүү, сүрөттөө стилдерин аңдап билүү, ыр түзүлүшүн анализдөө, чыгарманын тилин ар тараптан изилдөө, өзбек тилине которуу жана котормолорду салыштыруу, тааныш эмес сөздөрдүн лексикалык маанилерин ачуу, сүйлөмдөрдүн стилистикалык түзүлүшүн байкоо сыяктуу тилдик жумуштар көп жүргүзүлөт.
9. Кыргыз жана дүйнө адабияты сабагы кыргыз тили сабагы менен терең интеграцияланып жана бири-бирин толуктап окутулат. Экөөнүн тең максаты – Кыргызстанда кыргыз тилин кеңири чөйрөдө, оозеки жана жазуу формасында колдонууга жетишүү.
10. Орус, өзбек, тажик мектептеринде (класстарында) кыргыз жана дүйнө адабиятын окутуу ошол эле класстардагы эне тили жана адабияты предметтери менен байланышта окутканда гана мугалимдин чыгармачылык иши майнаптуу болот.

Бул программаны түзүү менен аны кайра өркүндөтүп туруу биздин кийинки милдетибиз деп эсептейбиз жана бул багытта Сиздердин ойлорду, сунуш-пикирлерди ар дайым күтөбүз.

***Түзүүчүлөрдөн***

# 1. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

## 1.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери

Адабияттын окуу предмети катары мазмунунун негизин кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын алтын фондун түзгөн көркөм чыгармаларын мектептин окутуу тилинде окуп-үйрөнүү түзөт. Адабият ааламдын сырын, адамдын жан дүйнөсүнүн эстетикалык камылгасын, туюмун кабылдап, анын турмушунун ар кыл жактарын көркөм образдар аркылуу чагылдырат. Адабияттын адеп-ахлактык, эстетикалык, таалим-тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү өтө кенен.

Адабий чыгармаларды кабыл алуу, анализдөө, интерпретациялоо окурмандык ишмердүүлүктүн белгилүү ыкмаларына жана түрлөрүнө таянып, биринчи кезекте кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын чыгармаларындагы темалардын, образдардын, сюжеттердин салыштырылышы менен жупташып биригишине негизделет.

Мектепте окутуу үчүн көркөм чыгармаларды тандоонун негизги критерийлери болуп алардын жогорку көркөм баалуулугу, гуманисттик багыты, окуучуга инсан катары позитивдик таасири, баланын жаш өзгөчөлүгүнө жана өнүгүүсүнө ылайык келүүсү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ата мекендик билим берүү тажрыйбасы жана маданий-тарыхый салттары эсептелет.

Кыргыз жана дүйнө адабияты предмети окурмандык багыттагы окутууга таянат. Ушуга байланыштуу негизги концептуалдык жоболор окуучулардын адабий өнүгүүсүнүн төмөнкү факторлоруна таянат:

- мектеп окуучуларынын жакынкы өсүү зонасын эске алуу менен окурмандык өнүгүүсүнүн жаш курак өзгөчөлүктөрү;
- кыргыз жана дүйнөлүк адабий чыгармаларын дүйнөнүн көркөм модели жана адамдардын мамилесинин модели катары түшүнүү спецификасы;
- улуттук өзгөчөлүктү, кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын өз ара аракеттешүүсүн эске алуу менен көркөм текстти кабыл алуу жана түшүнүү деңгээлдери жөнүндө көрсөтүү.

Көркөм чыгармаларды окуу окуучулардын өнүгүү каражаты катары каралат. Окуучунун адабий өнүгүүсү окуучунун жаш курагын эске алат, башталгыч класстарда алган окурмандык даярдыгына таянат, анын жалпы өнүгүүсү менен, дүйнөлүк көз карашынын калыптануусу жана адеп-ахлактык баалардын эволюциясы менен түздөн-түз байланышта болот. Адабий чыгармаларды изилдөө окурманга багытталган мамиле же окуунун окурмандык багыты, бул окуучулардын функционалдык сабаттуулугун калыптандырууга мүмкүндүк берет. Орто мектепте негизги мектеп менен үзгүлтүксүздүк байкалат, ошондой эле окуучулардын социалдык тажрыйбасы эске алынат.

"Кыргыз жана дүйнө адабияты" предмети филологиялык билим берүү чөйрөсүнүн бир бөлүгү болуп саналат. Бул окуучулардын эмоционалдык жана эстетикалык өнүгүүсүндө, окурмандык сабаттуулугун калыптандырууда көркөм адабияттын мыкты үлгүлөрүнүн мааниси чоң .

**Адабиятты 5-9-класстарда окутуунун максаттары**:

- сабаттуу окурманды тарбиялоо жана мектеп окуучусунун адабий чыгармаларды окуу маданиятын өстүрүү;
- көркөм адабиятты эстетикалык кабыл алуусун калыптандыруу;
- натыйжалуу окурмандык чыгармачылыкка кызыктыруу, түрткү берүү.

**Милдеттери:**

- мектеп окуучусунун окурмандык толук кабыл алуусун, кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын чыгармаларын түшүнүүсүн камсыздоо;
- кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын сөз түрүндөгү искусство катары өзгөчөлүгүн түшүнүү үчүн шарттарды түзүү;

- окуучунун көркөм чыгарманы кабыл алуусундагы эмоционалдык баалуулук мамилелерди билдирүүсүнө жана көркөм сөз өнөрүн мыкты өздөштүрүүсүнө түрткү берүү;
- чыгарманын маанисин түшүнүүсү жана текст менен өз ара аракеттешүүсү үчүн окуучунун ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүү;
- окуучулардын адабий-чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн ар кандай түрлөрүн өбөлгөлөө

**10-11-класстарда адабиятты окутуунун максаттары:**

- кыргыз жана дүйнөлүк адабиятты жана алардын өз ара байланышын системалуу түрдө окутуу;
- дүйнөлүк адабий процесс жана анын негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү, адабий-көркөм стилдердин көп түрдүүлүгү тууралуу жалпы түшүнүк берүү;
- тиешелүү окутуу тилинде негизги окурмандык компетенттүүлүктөрдү тереңдетүү жана жакшыртуу.

**Милдеттери:**

- окуучулардын дүйнөнүн жалпы картинасы, өткөн учурдун адабияты жана маданияты тууралуу түшүнүгүн калыптандырууга шарт түзүү;
- адабий чыгарманы көркөм бүтүндүк катары талдоо жана чечмелөө билгичтиктерин жакшыртууга түрткү берүү;
- улуттук-маданий өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кыргыз, орус, өзбек, тажик жана дүйнө элдеринин жана доорлордун көркөм адабиятын эстетикалык кабыл алуусун өнүктүрүүнү камсыздоо;
- окуучулардын ар түрдүү жанрларда дил баян жазуусуна түрткү берүү.

## 1.2. Предметтик компетенттүүлүктөр

**Окурмандык компетенттүүлүк**– адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү; теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү. Окуучулардын ар башка элдерге жана маданияттарга тиешелүү адабий чыгармаларды салыштыруу, талдоо көндүмдөрүнө ээ болуусу.

**Эмоционалдуу баалуулук компетенттүүлүк** – окуганына сезимдерди, мамилесин билдирүү, окурмандык кошо сезип кайгыруу же кубануу, ой жүгүртүү, маанини издөө, интерпретациялоо жөндөмдүүлүгү, кыргыз адабиятында жана башка элдердин адабияттарында чагылдырылган адеп-ахлактык баалуулуктарды жана дүйнө таанperiм категорияларды түшүнүү жөндөмдүүлүгү, ушул баалуулуктарга өзүнүн мамилесин билдирүү, турмуш-тиричиликтик түшүнүүдөн жана өздөштүрүүдөн (илимий түшүнүк катары) айырмада гуманисттик, адеп-ахлактык позицияларга бек туруу;

**Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк** – ар түрдүү типтеги дил баяндарды жана түрдүү жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүк; монологдук жана диалогдук кепке ээ болуу жана кептик баарлашууга кирише билүү; уккан жана окуган көркөм чыгармадагы маалыматты чагылдырган жазуу иштерин жаратуу; энциклопедияларды, сөздүктөрдү, интернет-ресурстарды жана башкаларды кошуп ар кайсы маалымат булактардагы таанып билүүчүлүк жана коммуникативдик тапшырмаларды чечүү; кепти толуктоо жаан байытуу, кеп маданиятын өздөштүрүү жана стилдик боёктогу кепке ээ болуу.

Бул – чыгармачыл иштерде ар башка адабияттардын авторлорунун чыгармаларынын маданий баалуулуктарын презентациялоо ыкмасы (чыгармачыл тууроо, стилдештирүү, башка тилдеги чыгармалардан кыргыз тилине которуу, искусствонун башка түрлөрүнүн тилдерине которуу).

Предметтик компетенттүүлүктөр предмет боюнча билим берүүнүн натыйжаларынын тизмегинде көрсөтүлгөн жана динамикада берилген.

Окутуунун убактысы өткөн сайын:

- компетенттүүлүктүн окуучу өздөштүргөн элементтеринин саны жана сапаты артат;
- компетенттүүлүктүн элементтери өзгөрөт жана кеңейет;
- компетенттүүлүктөр мазмундук нуктардын чегинде кесилишип, өз ара жуурулушат, өз ара аракеттенишет, окутуунун жеке тажрыйбасын байытат.

### 1.3. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Билим берүүнүн мазмунунун жалпы (бардык предметтер үчүн) жана предметтик (ар бир окуу предмети үчүн) болуп экиге бөлүнүшүнө ылайык эки деңгээлдеги компетенттүүлүктөр түзүлүп чыгат: 1) негизги компетенттүүлүк - билим берүүнүн жалпы мазмунуна тиешелүү; 2) предметтик компетенттүүлүк – компетенттүүлүктүн мурунку деңгээлине карата мамиле боюнча жеке компетенттүүлүк, окуу предметинин алкагында калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө жана конкреттүү сүрөттөөгө ээ.

Негизги (мета-предметтик) билим берүү компетенциялары окутуунун ар бир баскычы үчүн билим берүү чөйрөлөрүнүн жана окуу предметтеринин деңгээлинде конкреттештирилет жана предметтик чөйрөдө көрүнөт.

"Кыргыз жана дүйнөлүк адабият" предметин окутуудагы негизги компетенттүүлүктөр окуучулардын:

* иш-аракеттердин максаттарын иштеп чыгуу (мугалимдин жардамы менен жана өз алдынча);

* максатка жетүү жолдорун пландаштырат жана өзү белгилеген план боюнча иштейт;

* окуу кыйынчылыктарын аныктоо жана иш-аракеттерди оңдоо • мугалимдин көзөмөлү астында);

* сунушталган тапшырмалардын арасынан тандоо (өздөрү сунушташат) кызыгууну жана жеке мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен;

* текстти тереңирээк түшүнүү үчүн суроолорду бериңиз;

* проблеманы көркөм чыгармада түзүшөт, аны автор чечүү жолдорун аныкташат;

• өз пикирин жана позициясын билдирип, аны талкуулашат;

* ар кандай көз караштарды коюу жана салыштыруу;

* окутуу маселелерин чечүү үчүн моделдерди жана схемаларды түзүү жана колдонуу;

* окуган (уккан) тексттин мазмунун кеңири, кыскача, тандап баяндайт;

* сезимдерин, ойлорун билдирүү үчүн баарлашуу милдетине ылайык сүйлөө каражаттарын колдонушат;

* жекече жана топто иштөө;

• ишмердүүлүккө анын натыйжалары боюнча баа беришет (өзүн-өзү баалоо, өз ара баалоо) жана рефлексия жүргүзүшөт (мугалимдин жетекчилиги астында жана өз алдынча);

* МКТны адабий чыгармаларды изилдөө, өз ойлорун, көз караштарын берүү, көркөм адабиятты талдоо жана баалоо үчүн колдонушат.

Предметтик компетенттүүлүк бардык билим берүү баскычтары аркылуу өткөн негиз катары каралат жана предметти бүтүндөй көзөп өтөт. Ал «конкреттүү сүрөттөөгө жана конкреттүү окуу предметинин алкагында калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ» (А.В. Хуторской). Биз предметтик компетенттүүлүк дегенде окуучулардын адабият предметинин тарамында түрдүү билимдерди, билгиликтерди жана көндүмдөрдү колдонуу жөндөмдүүлүгүн жана кийинки билим алуусунда да практика жүзүндө ушул билимдерин колдонуп кете алуусун түшүнөбүз. Окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн сапатын аныктоодо предметтик компетенттүүлүк алдыңкы катардагы жетекчи компетенттүүлүк болуп эсептелет. Предметтик компетенттүүлүк окуу жана практикалык ишмердүүлүктө ар дайым иш жүзүнө ашырылып турганда гана ийгиликтүү калыптандырылат. Педагог окуу тексттерине жана адабий тексттерине керектүү иш-аракеттери менен кайсы мазмунга максимум көңүл буруу керектигин баамдап түшүнгөндө гана окуучунун компетенттүүлүгү жогорку деңгээлде калыптанат.

## 2. ОКУУ МАТЕРИАЛЫНЫН МАЗМУНУ

### 2.1. Сааттардын класстар боюнча бөлүштүрүлүшү

**V КЛАСС**
**(жыл бою 34 саат)**

**I ЧЕЙРЕК**
**(9 саат)**

### ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫК

**Адабият – сөз өнөрү (1 саат)**

Адабият – сөз өнөрү катары.Ыйманга, адеп-ахлакка үйрөтүүдө көркөм чыгарманын мааниси. Сөз өнөрү катары адабияттын искусствонун башка түрлөрүнөн (музыка, театр, кино, сүрөт ж.б.) өзгөчөлүктөрү. Адабияттын келип чыгышы. Фольклор. Миф. Адабияттын өнүгүшүндө мифологиянын орду. Дүйнөлүк адабияттын коомду жана адамдарды өзгөртүүгө кошкон салымы.

**Макал-ылакаптар (1 саат)**

Элдик макал-ылакаптардын пайда болушу, таралышы. Макал менен ылакаптардын негизги айырмачылыгы. Эл турмушу – макал-ылакаптарда. Алардын тематикалары, маанилери, формасы. Макал-ылакаптардын тарбиялык, таалим берүүчүлүк мааниси. Макал-ылакап айтышуу жана алардын маанисин чечмелей билүү.

**Табышмактар (1 саат)**

Табышмактардын аткарган кызматы. Табышмак – таалим-тарбия берүүчү элдик чыгарма. Алардын түрлөрү, жанрдык белгилери. Бала турмушундагы табышмактардын мааниси. Табышмак айтуу жана таба билүү.

**Жаңылмачтар (1 саат)**

Жаңылмач – кыргыз оозеки чыгармачылыгында кеңири тараган жанр. Жаңылмачтардын коомдук жана дидактикалык функциясы. Жаңылмач айтышуу боюнча практикалык жумуштар.

**Жомоктор. «Булбул» (1 саат)**

Жомокто адам менен жаныбардын ортосундагы достук темасы. Өнөрдүн даңазаланышы. Чалдын жана булбулдун каарман катары аракеттери, экөөнүн диалогу. Жаңы сөздөрдүн мааниси.

**«Өнөрлүү бала» (1 саат)**

Жомоктогу бай жана кедей темасы. Хан жана анын кызы. Баланын ар кандай тапшырмаларды аткаруудагы аракети, акылмандыгы, тапкычтыгы. Өнөр үйрөнүүгө үгүттөөчүлүк – жомоктун башкы максаты. Жомоктун негизинде жазуу жумуштарын жүргүзүү.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик кайталоо** (1 саат).

## II ЧЕЙРЕК
## (7 саат)

**«Манастын төрөлүшү»** ***(«Манас» эпосунан үзүндү)*** **(2 саат).**

Хан Жакыптан балага зар болуп жүрүшү. Кыргыз элине баатырдын керектиги тууралуу ойлор. Манас төрөлгөндөгү анын касиети. Кыргыздардын бала төрөлгөндө аткарган жөрөлгөлөрү. Баланын сырткы көрүнүшү. Жаңы төрөлгөн балага элдин мамилеси. Тексттеги манасчынын стилдик өзгөчөлүктөрү. Эскирип, колдонуудан чыккан сөздөр жана үзүндүнүн тилдик байлыгы.

## АКЫН-ЖАЗУУЧУЛАР ИШТЕП ЧЫККАН
## АДАБИЙ ЖОМОКТОР

**Кубанычбек Маликов «Санташ»** (1 саат).

Уламыштын ырга айланышы. Өткөн тарыхый доордун көркөм чагылдырылышы. Жоокерчилик замандар жана ал учурдун кийинки муундарды тарбиялоо үчүн адабиятка тема болуп кириши. Чыгармадагы мурда тааныш эмес жаңы сөздөр.

**Чыңгыз Айтматов «Маңкурт тууралуу баян»** (2 саат).

Уламыштагы окуялардын өнүгүп барыш өзгөчөлүгү. Эне жана бала, акыл-эс жана акылсыздык проблемалары. Адамдан маңкурт-кулду бөлүп алуу ыкмалары. Баскынчылык, анын кесепети. Муундар байланышы проблемасы. Тилдик байлыктар. Найман эненин образы. Чыгармадагы диалогдор жана монологдор. Жазуучунун баяндоосу. Инценировкалоо жана аны класста даярдоо. Кыска дилбаян жазуу жана талкуулоо. Фильм көрүү жана анын айланасында талкуу өткөрүү: чыгарманын тексти менен салыштыруу; жаңы окуяларды, каармандарды табуу, алардын киного киргизилиш себебин аныктоо; актердук чеберчиликтерин кыргыз тилинде айтып берүү.

**Жоомарт Бөкөнбаев «Чептен эрдин күчү бек»** (1  саат).

Жомоктогу идея – эр жигиттин эли үчүн керектиги. Патриоттуулук. Эне менен баланын диалогунун мааниси. Жомоктук мотивдер. Идеянын бүгүнкү күндөгү актуалдуулугу.

**Жалил Садыков «Эненин жүрөгү»** (1 саат).

Уламыштын адеп-ахлактык теманы көтөрүп чыгышы. Гуманизм маселеси, улуттук колорит жана эненин образындагы көп түрдүүлүк. Уламыштын тарбиялык, таалим берүүчүлүк мааниси. Проблеманын бүгүнкү күндөгү актуалдуулугу. Ыр жолдорунун ыргактуулугу, уйкаштыктар.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

## III ЧЕЙРЕК
## (10 саат)

## ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТ

**Орус эл жомоктору: «Ханыша-бака», «Карышкыр менен турна» (1 саат)**

Элдик жомоктордун түрлөрү: кереметтүү, фантастикалык, жаныбарлар, айбанаттар тууралуу, турмуш-тиричиликтик, алардын өзгөчөлүктөрү. Жомоктордогу пафос. Жомоктордо эл ишениминин чагылдырылышы. Алардагы жөнөкөй, эмгекчи, эч кимге билинбеген карапайым адамдын акылмандыгын, тапкычтыгын, билермандыгын идеализациялоо. Элдик жомоктордун сюжети жана композициясы. Жомоктордун поэтикасындагы традициялуулук. Жомоктордун тили. Жомоктордун негизинде жазуу жумуштарын жүргүзүү.

*Адабият теориясынан. Жомок жөнүндө түшүнүк.*

**Ш.Перро. "Уйкудагы сулуу" (1 саат)**

XVII кылымдагы француз жазуучусу Шарль Перро – адабий жомоктордун негиздөөчүсү.»Уйкудагы сулуу» жомогунун көркөмдүгү. Гуманизм идеялары. Уйкудагы сулуунун жомоктук образы.

**А.С.Пушкин. «Алтын короз тууралуу жомок» (1 саат)**

Орустун улуу акыны жана орус эл жомоктору. Жомоктун идеясы. Акындын жомок айтып берүү, баяндоо чеберчилигин. Чыгармадагы образдар. Жомоктун көркөм сөз каражаттары.

*Адабият теориясынан. Метафора жөнүндө түшүнүк.*

**Х.К.Андерсен. «Кар ханышасы» (2 саат)**

Жазуучу тууралуу маалымат. Андерсендин жомокторундагы актык жана кара ниеттиктин күрөшү. Жомокчунун сюжет түзүү чеберчилиги. Чыгармадагы ар кыл мүнөздөр. Кереметтүү окуялар жана жомоктук мотивдердин биримдиги.

**Р. Киплинг. "Жунгли китеби" (2 саат)**

Англис жазуучусу Редьярд Киплингдин жомоктору. Мауглинин тагдыры. Жаратылыш жана адам темасы. Жунгли закондору. Жомоктун азыркы күндөгү балдарды тарбиялоодогу мааниси.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик кайталоо** (1 саат).

## IV ЧЕЙРЕК
## (8 саат)

## ЭЛДИК ЫРЧЫЛАРДЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН

**Нурмолдо «Ай жаңыргандагы айтым», «Мал соёрдогу айтым» (1 саат)**

Айтымдарда элдик салт, ырасымдын сакталышы. Табияттагы адамдын орду. Жаратылыштын улуулугу, анын астында адамдын алсыздыгы. Табиятка байланыштуу жаңы сөздөр. Пирлер тууралуу түшүнүк.

**Барпы Алыкулов «Куштардын санаты» (1 саат)**

Акындын ырындагы канаттуулардын түрлөрү. Куштардын ар биринин өзгөчөлүктөрү жана алар жашаган жерлер. Жаныбарлардын жашоо үчүн күрөшү. Куштар тууралуу аңгеме жүргүзүү жана жаңы сөздөр.

## КЫРГЫЗ ЖАЗМА АДАБИЯТЫНАН

**К.Тыныстанов «Талаага тай өнүптүр» , ("Билим – түгөнбөс байлык") (1 саат)**

Балалык темасы. Ата менен баланын диалогу. Диалогдук речь. Кыргыз элинин турмушу менен байланышы. «Даның болсо ороодо, малың сыйбас короодо» деген макалдын мааниси. Аңгеменин тарбиялык таасирдүүлүгү.

**Р.Шүкүрбеков «Иттин жомогу» (1 саат)**

Жаныбарлардын жашоо тиричилиги. Аюу менен иттин достугу. Ал экөөнүн сүйлөшүүлөрүнүн мааниси. Достордун таарынычы. Жаныбарлардын жашоосу тууралуу жаңы сөздөр.

**Ч.Айтматов «Чыпалак бала» (1 саат)**

Элдик жомоктун жазуучу тарабынан иштелип чыгышы. Чыпалак баланын жоруктары. Күлкүлүү жана коркунучтуу, аянычтуу окуялар. Баланын сүйлөшүүлөрү, алардын мааниси. Жомоктун эл турмушу менен байланышы.

**Ш.Садыбакасов «Ат жакшы көргөн бала» (1 саат)**

Баланын адамгерчилик сапаттарын даңазалоо. Жаратылыштагы адамдын ролун көрсөтүү. Эл турмушундагы аттын ролу. Баланын баёолугу, анан речинин өзгөчөлүгү.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дилбаян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик жана жылдык кайталоо** (1 саат).

**Жалпы***:*
*Чыгармаларды үйрөнүү үчүн – 23 саат;*
*Жазуу жумуштары үчүн – 8 саат;*
*Кайталоо үчүн – 3 саат.*

**Жаттоого сунуш кылынган чыгармалар:**

Макал-ылакаптар
Табышмактар
Жаңылмачтар
Нурмолдо «Ай жаңыргандагы айтым», «Мал соёрдогу айтым»

**Окуучулардын билимине, билгичтигине, ык-машыгууларына коюлуучу талаптар:**

*V классты бүтүргөн окуучулар төмөнкүдөй билим, билгичтик, ык-машыгууларга ээ болушу керек:*

- окуган чыгарманы түшүнө билүү, түшүнгөнүн кыргызча айтып берүү;
- чыгарманынын элдик оозеки чыгармачылык же жазма адабият экенин айрымалай алуу, жанр, тек, түр боюнча бөлүү;
- чыгарманын башкы каармандарын мүнөздөй билүү, алардын сюжеттеги ордун аныктай алуу;
- кыргыз тилиндеги текстти сөздүктөрдүн жардамы менен орус, өзбек (тажик) тилине которуу;
- - сюжети, идеясы, темасы, каармандары окшош чыгармаларды белгилей алуу;
- окулган чыгарманын негизинде жазуу иштерин кыргызча аткарууга жетишүү;
- жаттоого берилген чыгармалардын тексттерин кыргызча шыдыр айтууга жетишүү;
- окуп үйрөнүлгөн чыгармалардын орусча, өзбекче (тажикче) котормолору менен түп нускасынын тексттин салыштыра таба билүү.

## VI КЛАСС
## (жыл бою 34 саат)

### I ЧЕЙРЕК
### (9 саат)

### ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДАН

**Элдик эмгек ырлары: «Сал билек», «Чечкор», «Эгин оргондо», «Короо кайтаруу» (1 саат)**

Кыргыз элинин ырларындагы идея жана тема. Мал чарбачылыгына байланыштуу элдик түшүнүктөр. Ырлардын ыргагы жана алардагы калк турмушу менен байланыштар. Жаныбарлар менен адамдардын байланышы. Дидактикалык маани-мазмуну.

**Элдик баталар: «Балага бата», «Дасторконго бата», «Көчкө бата», «Жаңы Айды көргөндөгү бата» (1 саат)**

Элдик баталардагы тилек, каалоо, ниет жана аларды билдирүү үчүн колдонулган сөздөр. Бата жана алкоо, алардагы элдик түшүнүктөр. Баталардын бүгүнкү күндөгү мааниси, мазмуну жана колдонулушу.

**Элдик жомоктор: «Акылдуу дыйкан», «Убадага бек жигит», «Ким күчтүү?», «Жылан менен кишинин арбашы», «Үч ууру» (3 саат)**

Элдик жомоктордо элдин үмүт-тилегинин, ой-толгоосунун, санаасынын, салтынын берилиши. Адилеттикти даңктоо, жалкоолук, жалганчылык менен күрөшүү. Байлык жана бийлик көйгөйү. Элдик каармандар – эл тилегин алып жүрүүчүлөр. Жомоктордун тили, көркөмдүгү. Жомоктордогу апыртуулар. Орус жана башка элдердин жомокторуна кыргыз эл жомокторунун окшоштуктары.

### ЭЛДИК АКЫНДАРДЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН

**Нурмолдо «Сүмөлөк айтымы», «Нооруз айтымы» (1 саат)**

Элдин салты, үрп-адаты Нурмолдонун чыгармачылыгында. Айтымдардагы элдик түшүнүктөр. Балдардын таанып-билүүсүн өстүрүүдөгү Нурмолдонун айтымдарынын мааниси. Мезгил жана Адам байланышы. Айтымдардын ыр түзүлүшү. Жорго сөздүүлүк, обондуулук.

**Тоголок Молдо «Балдардын ыры», «Торпогум» (1 саат)**

Балдардын кызыктуу турмушу, кыял-жоругу Тоголок Молдонун чыгармачылыгында. Жан-жаныбарлар менен балдардын ынак мамилеси. Балдарды жаратылышты сүйүүгө, жаныбарларга гумандуу мамиле кылууга үйрөтүүдө Тоголок Молдонун ырларынын мааниси. Үй жаныбарларына байланыштуу жаңы сөздөрдү өздөштүрүү.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик кайталоо**

### II ЧЕЙРЕК
### (7 саат)

### АКЫН-ЖАЗУУЧУЛАР ИШТЕП ЧЫККАН ЖОМОКТОР

**К.Баялинов «Чабалекей менен жылан» (1 саат)**

Жазуучу өз оюн каймана түрдө чагылдырышы. Жаныбарлардын каарман катары кыймыл-аракети, бири-бирине мамилеси. Адам жана жылан. Адам жана чабалекей. Достук, ишеним, берилгендик темасы.

**Р.Шүкүрбеков «Эки бөжөк» (1 саат)**

Жомоктук жана тамсилдик маани. Жан-жаныбарлардын күрөшү, жашоосу. Кекилик, Түлкү, Бүркүт жана алардын чыгармадагы орду. Жомок аркылуу балдарга таалим берүү идеясы.

**С.Рысбаев «Бакыт издеген бала» (2 саат)**

Бакыткелди жашаган учур. Адамча сүйлөгөн ак куш жана анын айткан сөзү. Ата менен баланын бакыт кушун күтүшү. Жолго чыгуу. Ак эмгектин, адал иштин даңазаланышы. Ханга кызмат кылуу. Сыноо жана анын оордугу. Адамдын ар кандай кыйынчылыктарды жеңе билиши. Бакытка жетүүнүн жолу. Адилеттүүлүк, ак ниеттүүлүк жана алардын салтанат курушу. Жомоктун финалы. Тексттеги диалогдор. Жомоктун тили жана андагы фразеологизмдер.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик кайталоо** (1 саат).

## III ЧЕЙРЕК
## (10 саат)

## КЫРГЫЗ ЖАЗМА АДАБИЯТЫНАН

**А.Токомбаев «Жайда», «Кышта» (1 саат)**

Акындын ырларындагы мезгилдин көрүнүшү. Ар мезгилдин өзүнчө өзгөчөлүктөрү. Ырлардагы балдарды табиятты сүйүүгө, жаратылыш менен жакын болууга үндөө идеясы.

**К.Тыныстанов «Тергөө», «Арпа менен буудай», «Малдардын талашы» (1 саат)**

Аңгемелердин маани-мазмуну. Элдик салттар жана ага автордун мамилеси. Диалогдук речтердин аңгемелердеги ролу. Каармандарга мүнөздөмө.

**Касымалы Бектенов «Жарадар көгүчкөн» (1 саат)**

Аңгемедеги автордук ой. Жаратылыш менен адамдын гармониясы. Табияттын көрүнүштөрүн берүүдөгү жазуучулук чеберчилик. Гумандуулук жана антигумандуулук. Жазуучунун тилдик чеберчилиги.

**Ч.Айтматов «Атадан калган туяк» (2 саат)**

Согуштун таасириндеги баланын мүнөзү, кыял-жоругу. Баланын романтикалуу турмушу жана аны кинонун талкалашы. Ата жана бала. Эне жана бала. Авалбектин образын ачуу үчүн автор колдонгон деталдар. Жазуучунун тил байлыктары, монологдор жана диалогдор.

**А.Осмонов «Жамгыр ыры» (1 саат)**

Табият жана Адам. Ырдын жамгырдын ыргагы менен ылайык келиши. Жаратылышты сүрөттөөдө акын колдонгон көркөм сөз.

**М.Абакиров «Нарбаш» (үзүндү) (1 саат)**

Уламыштын айтылуу себеби. Күлүк жана анын сыны. Эл тагдыры менен жылкы тагдырынын окшоштугу. Ат жана адам. Ат жана доор. Эр башына, эл башына кыйынчылык түшкөндө аны аттын көтөрүшү. Кыргыз элинин саяпкерлик салты. Окуяны жазуучунун баяндоо ыкмасы, тексттин көркөм сөз каражаттары.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик кайталоо** (1 саат).

## IV ЧЕЙРЕК
## (8 саат)

## БАЙЫРКЫ ГРЕК АДАБИЯТЫ

**Эзоп. Тамсилдер: «Доңуз жана Түлкү», «Бир үзүм эт кармаган ит», «Карга менен Түлкү» (2 саат)**

Эзоп жана анын доор. Эзоп тили. Кайманалуулук (аллегория).Автордун элдик тили. Турмуш чындыгы. Тамсилдердеги мораль. Эзоп жана дүйнөлүк тамсилчилик өнөрү. Эзоптун тамсилдери менен орус жана кыргыз тамсилериндеги окшоштуктар.

*Адабият теориясынан. Тамсил. Эзоп тили.*

## АНГЛИЯ АДАБИЯТЫ

**Даниель Дефо «Робинзон Крузо» (2 саат)**

Романдагы изилдөөгө алган адам жана табият темасы. Адамдын инсандык сапаттарын сыноого алуучу учурлар. Жалгыздык жана анын жабыры. Эркиндик, адаттык тууралуу ойлор. Жапайылык жана цивилизация. Тагдыр тамашасы жана анын романдагы функциясы.

*Адабият теориясынан маалымат: Адабий каарман.*

## АМЕРИКА АДАБИЯТЫ

**М.Твен. “Том Сойердин жоруктары», «Гекльберри Финдин жоруктары» (2 саат).**

Жазуучунун романдарындагы балдар жана чоң кишилер. Том Сойердун кыялдануулары, турмушка болгон сүйүүсү. Балдар жана улуу кишилер. Том жана Полли. Том жана Сид. Том жана Бекки. Том жана Гек Финн. Элдик нравалык сапаттары. Жазуучунун чыгармачылыгындагы элдүүлүк. Сатира жана юмор, алардын каармандардын образын ачуудагы ролу. Табийгыйлык менен цивилизациялуулуктун антитезасы. Сюжет жана композиция куруудагы бөтөнчөлүгү. Романдагы турмуш чындыгы жана адам мүнөздөрү. Гектин тагдыры жана күрөшү. Марк Твендин каармандарынын адилеттик, чындык, эркиндик үчүн күрөшү. Жазуучунун бүткүл дүйнөлүк даңкы.

*Адабият теориясынан маалымат: Көркөм чыгарманын темасы жана идеясы.*

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик жана жылдык кайталоо** (1 саат).

**Жалпы:**

*Чыгармаларды үйрөнүү үчүн – 26 саат;*
*Жазуу жумуштары үчүн – 4 саат;*
*Кайталоо үчүн – 4 саат.*

### Жаттоого сунуш кылынган чыгармалар:

Элдик ырлар: «Сал билек», «Чечкор», «Эгин оргондо», «Короо кайтаруу»;

Элдик баталар: «Балага бата», «Дасторконго бата», «Көчкө бата», «Жаңы Айды көргөндөгү бата»;

Нурмолдо «Сүмөлөк айтымы», «Нooруз айтымы»;

Тоголок Молдо «Балдардын ыры», «Торпогум»;

А.Токомбаев «Жайда», «Кышта»;

А.Осмонов «Жамгыр ыры»

**Окуучулардын билимине, билгичтигине, ык-машыгууларына коюлуучу талаптар:**

*VI классты бүтүргөн окуучулар төмөнкүдөй билим, билгичтик, ык-машыгууларга ээ болушу керек:*

- программада окулган чыгарманы түшүнө билүү, түшүнгөнүн кыргызча айтып берүү;
- чыгарманынын тегин, түрүн, жанрын айырмалай алуу;
- чыгарманын башкы каармандарына, алардын жалпы чыгармадагы ордуна, окуяларына мүнөздөмө бере билүү;
- прозалык текстти орус (өзбек) тилине которуу;
- орус (өзбек) адабиятынан темасы, идеясы же сюжети окшош чыгармаларды белгилей алуу;
- окулган чыгарманын негизинде жазуу иштерин кыргызча аткарууга жетишүү;
- жаттоого берилген чыгармалардын тексттерин кыргызча шыдыр айта алуу.
- кыргыз элинин оозеки чыгармаларынын ар биринин жанрдык айрымачылыгын ажырата алуу жана ар бирине кыргызча ондогон мисалдар табуу.

## VII КЛАСС
## (жыл бою 34 саат)

### I ЧЕЙРЕК
### (9 саат)

### ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДАН
### ЭЛДИК ДАСТАНДАР

**«Кожожаш»** ***(үзүндү)*** **(2 саат).**

Байыркы элдин ишенимдери. Тотемдик, анимисттик түшүнүктөр. Эл тиричилиги жана анын сүрөттөлүшү. Кыргыз жеринин географиясы. Сур эчки жана Кожожаш: экөөнүн эрегиши жана анын акыбети. Экологиялык-ыймандык проблемалар. Кожожаштын колдонгон курал-жарактары. Жаратылыш көрүнүштөрүн сүрөттөө каражаттары. Эскирип, колдонуудан чыккан сөздөр. Мергенчилик терминдери жана алардын маанилери. Жаңы сөздөр менен иштөө. Каармандын тышкы келбетин сүрөттөө. Дастан айтуу жана ролдоштуруп аткаруу.

**Элдик ырлар: «Каак-каак каргалар», «Каркыра», «Үркөр, үркөр топ жылдыз», «Торпогум», «Турумтай», «Короо кайтаруу» (1 саат).**

Кыргыз элинин ырларындагы идея жана тема. Мал чарбачылыгына байланыштуу элдик түшүнүктөр. Ырлардын ыргагы жана алардагы калк турмушу менен байланыштар. Жаныбарлар менен адамдардын байланышы. Дидактикалык маани-мазмуну. Башка элдеринин ырлары менен окшоштуктары.

### ЭЛДИК АКЫНДАРДЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН

**Жеңижок «Балалык» (1 саат).**

Бала мүнөзү, курак өзгөчөлүктөрү, балдардын психологиялык бөтөнчөлүктөрү Жеңижоктун чыгармачылыгында. Акындын ыр куруу чеберчилиги. Сүрөттөөлөрдүн образдуулугу.

### КЫРГЫЗ ЖАЗМА АДАБИЯТЫНАН

**Чыңгыз Айтматов «Биринчи мугалим»** ***(үзүндү)*** **(2 саат).**

Советтик учурда элдин башынан өткөн тарыхый доор жана ошол доордун жазуучунун повестинде көркөм чечмелениши. Этнографиялык, тарыхый сүрөттөөлөр. Каармандардын мүнөздөрүнүн эволюциясы. Дүйшөн, Алтынай сыяктуу каармандардын өз идеясынан баш тартпаган өжөрлүгү, күрөшү. Жеңиш жана жеңилиш. Адам мүнөздөрүн тарыхый шартта, жекелештирип көрсөтүү. Жазуучунун диалог, монолог түзүү чеберчилиги. Үзүндүнүн өзбекче (тажикче), орусча котормолорун салыштырып көрүү.

**Жолон Мамытов «Ата журт», «Ат жабдыксыз ат жайдак» (1 саат).**

Акындын ырындагы Ата журттун көрүнүшү. Атуулдук сүйүү жана Ата журт. Ат – адамдын канаты. Атажуртту, атты салыштыруу жана сактоо үчүн колдонгон сөздөр жана сөз айкаштары.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик кайталоо**

## II ЧЕЙРЕК
## (7 саат)

**Касымалы Баялинов «Ажар»** ***(үзүндү)*** **(2 саат).**

Эл турмушу жана тарыхый окуялар. Адамдын кыйын күндөрдөгү трагедиялуу абалы. Кыянаттык, эрксиздик, кулдуктан кутулуп чыгуу идеясы. Аял азаттыгы. Адамдар жана карышкырлар. Ажардын образын түзүү үчүн жазуучунун колдонгон ыкмалары. Диалогдук жана монологдук кептерди талдоо. Сахналаштыруу.

**Түгөлбай Сыдыкбеков «Акылман куудул»** ***(үзүндү)*** **(1 саат).**

Куудулдар жана куудулдук өнөр. Куйручуктун жоруктары. Жазуучунун сүрөттөөлөрүнүн таамайлыгы, образдуулугу. Каармандардын типтүү мүнөздөрү. Адам жана анын иш аракетиндеги куудулдук. Диалогдорду ролдоштуруу. Чыгарманын тилин талдоо.

**Жусуп Турусбеков «Энем» (1 саат).**

Жаңы түшүнүк, жаңы коом жана алардын эски менен дал келбеши. Эне менен баланын ортосундагы социалдык жана психологиялык айырмачылыктардын көрүнүшү. Эски менен жаңынын күрөшү. Жаңыга умтулуу. Эненин жана баланын образы, алардын айырмачылыгы. Лирикалык каармандын романтикалык образы. Социализмдин идеясы. Автордук маанай (пафос). Ырдын курулуш бөтөнчөлүгү.

**Асанбек Стамов «Үч мээрим» (1 саат).**

Ыймандуу, кайрымдуу, таза, ырайымдуу болууга чакыруу. Адам жана жаратылыш темасы. Фантастикалуулук жана анын мааниси. Баяндоонун жүрүшү жана стили. Жаштарды ыймандуу, кайрымдуу, таза, ырайымдуу болууга чакыруу. Адам жана жаратылыштын гармониясы. Диалогдорду тилдик жактан талдоо.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик кайталоо**

## III ЧЕЙРЕК
## (10 саат)

**Төлөгөн Касымбеков «Адам болгум келет» (2 саат).**

Жаш адамдын ички дүйнөсү жана анын сырткы портрети. Түштүк колорити. Каармандардын ортосундагы жиктелүүлөрдүн конфликтиге өсүп чыгышы. Жазуучунун тилинин байлыгы: диалектилик, кесиптик лексика, архаизмдер, тарыхый сөздөр.

**Райкан Шүкүрбеков «Ысык-Көлдүн куму» (1 саат).**

Ысык-Көл темасына жаңыча өңүттөн мамиле кылуу. Кыргыз жаратылышынын керемет кубулуштарын сөз менен ачып берүү чеберчилиги. Ысык-Көлдүн экологиялык абалы жана андан чыгуунун жолдорун издөө тууралуу диспут.

**Чыңгыз Айтматов «Эрте келген турналар» *(үзүндү)* (2 саат).**

Чыгарманын үзүндүсүнүн кыскача мазмуну. Каармандардын жүрүш-турушу, бири-бирине мамилеси. Ата жана Бала – кыргыз элдик педагогикасында. Ат багуу. Согуш жана анын жаңырыгы. Аксай «десанттары». Чоңдор жана балдар. Каармандардын жана автордун речи. Табиятты сүрөттөө. Балдардын сүйлөшүүлөрүнүн бөтөнчөлүктөрү.

**Камчы Жунусов «Ак-Буура», Сооронбай Жусуев «Сулайман тоо» (1 саат).**

Ырлардын идеялык мааниси. Байыркы шаардын жаштыгы жана шаар тарыхындагы Ак-Бууранын орду. Акындын образдуу ойлорунун тактыгы, поэзияда кыскалыкка, таамайлыкка умтулуу.

Сооронбай Жусуевдин «Сулайман тоо» деген ырында акындын Сулайман тоону сүрөттөө бөтөнчөлүгү. Тоонун ар түрдүү касиеттери, эл жана Сулайман тоосу, оштуктардын Сулайман тоого мамилеси. Акындын уйкаштык куруу жагынан адистиги, сөз менен иштөө маданияты, тилдик бөтөнчөлүктөрү.

**Бексултан Жакиев «Атанын тагдыры» *(үзүндү)* (2 саат).**

Драмадагы чагылдырган окуялар. Согуштун жаш балага тийгизген таасири. Үй-бүлө темасы. Чоң ата – ата – бала – үчөөнүн биримдиги. Адамгерчилик жана карасанатайлык. Каармандардын кыймыл-аракеттери, мүнөздөрүнүн өзгөрүп, өсүп барышы. Согуш тууралуу аңгемелешүү. Класс сахнасында пьесаны даярдоо жана ал тууралуу талкуу жүргүзүү.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик кайталоо**

## IV ЧЕЙРЕК
## (8 саат)

## ОРУС АДАБИЯТЫ

**И.А.Крылов. Тамсилдер: «Квартет», «Карышкыр менен козу», «Дуб алдындагы чочко», «Итканага түшкөн карышкыр» (1 саат).**

Улуу орус тамсилчиси тууралуу маалымат. Тамсилдердеги аллегориялык образдар. Мораль. И.А.Крыловдун тамсилдериндеги элдүүлүк. Тамсилдердеги адам мүнөздөрүн ашкерелөө. Тилдик байлыктары.

*Адабият теориясынан маалымат: Аллегориялык образдар.*

**В.А.Жуковский. Баллада: «Токой падышасы» (1 саат).**

В.А.Жуковский –улуу акын жана ишмер. Баллададагы реалдуулук жана фантастикалуулук. Романтика. Образ жана образдуулук.

*Адабият теориясынан маалымат: Баллада.*

**А.С.Пушкин. Ырлары: «И.И.Пущинге», «Кышкы таң» (1 саат).**

А.С.Пушкин – орустун классик акыны. Анын ырларындагы өзгөчөлүктөр. Лирикалык карман жана анын образы. Ырлардагы достук, жаратылыш темасы. Акындын поэзиясынын граждандуулугу. Ырлардагы рифма, ритм.

А.С.Пушкиндин ырларынын дүйнөлүк мааниси.

*Адабият теориясынан маалымат: Лирика. Лирикалык каарман.*

## НЕМЕЦ АДАБИЯТЫ

**Бир тууган Гриммдер «Кызыл шапкечен», «Алтын каз» (1 саат)**

Немец жомокчусунун дүйнөлүк адабияттагы ийгиликтери. Жомоктордогу адилеттик менен кара өзгөйлүктүн кармашы. Жомоктун каармандары жана алардын жөнөкөйлүгү. Жомоктордун элдүүлүгү. Эки жомоктун стилдик-тилдик бөтөнчөлүктөрүн талдоо.

*Адабият теориясынан маалымат: Диалог жана монолог.*

## ФРАНЦУЗ АДАБИЯТЫ

**А.Сент-Экзюпери. Жомок. «Кичинекей ханзаада» (1 саат).**

Турмушту көрүү өзгөчөлүктөрү. Баланын акылмандыгы. Достук темасы. Адептүүлүк. Жоопкерчилик. Притча формасы жана чыгарманын өзгөчөлүгү.

*Адабият теориясынын маалымат: Жомоктугу аллегория жана метафора.*

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик жана жылдык кайталоо** (1 саат).

**Жалпы:**

*Чыгармаларды үйрөнүү үчүн – 26 саат;*
*Жазуу жумуштары үчүн – 4 саат;*
*Кайталоо үчүн – 4 саат.*

## ЖАТТООГО СУНУШ КЫЛЫНГАН ЧЫГАРМАЛАР:

«Кожожаш» (үзүндү)
Тоголок Молдо «Балдардын ыры», «Торпогум»
Жеңижок «Балалык» (үзүндү)
Касымалы Баялинов «Ажар» (үзүндү)
Жусуп Турусбеков «Энем» (үзүндү)
Чыңгыз Айтматов «Биринчи мугалим» (үзүндү)
Жолон Мамытов «Ата журт»

## Окуучулардын билимине, билгичтигине, ык-машыгууларына коюлуучу талаптар:

*VII класcты бүтүргөн окуучулар төмөнкүдөй билим, билгичтик, ык-машыгууларга ээ болушу керек:*

- чыгарманы түшүнө билүү, түшүнгөнүн сөздүктөрдүн жардамысыз кыргызча айтып берүү;
- чыгарманынын тегин, түрүн, жанрын айырмалай алуу;
- чыгарманын башкы каармандарына мүнөздөмө бере билүү, образдарды талдоо, каармандарды салыштырып көрүү;
- кыргыз тилиндеги текстти сөздүктөрдүн жардамысыз орус же өзбек тилине которуу;
- орус же өзбек адабиятынан темасы, идеясы же сюжети окшош чыгармаларды белгилей алуу;
- окулган чыгарманын негизинде ар кандай жазуу иштерин кыргызча аткарууга жетишөө;
- окулган чыгарманын негизинде реферат, отзыв, аннотация жазуу;
- жаттоого берилген чыгармалардын тексттерин кыргызча шыдыр айтууга жетишүү;
- эпос («Кожожаш») айтуу.

## VIII КЛАСС
**(жыл бою 34 саат)**

## I ЧЕЙРЕК
**(9 саат)**

## ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДАН

## «МАНАС» - КЫРГЫЗ РУХУНУН ӨЧПӨС ЖЫЛДЫЗЫ
*(«Манас» эпосу тууралуу маалымат жана эпостон үзүндүлөр)*

**«Манас» эпосу жана манасчылар жөнүндө түшүнүк** (1 саат).

«Манас» эпосунун жаралашы, алгачкы манасчылар. Эпостун эл турмушундагы орду. Чыгарманын негизги темасы, идеясы, башкы каармандары. Эпостун негизги окуялары жана бөлүмдөрү. «Манас» үчилтигин жазып алуу иштеринин башталышы. Манасчылар Сагынбай, Саякбай. «Манас» эпосуна байланыштуу жаңы сөздөр. Манас угуу. «Манас» темасындагы фильмдерден үзүндү, сүрөттөр көрүү жана аларды талкуулоо.

**Алтайдан Ала Тоого көчүү** (1 саат).

Алтайдын көрүнүшү. Көч алдындагы жер чалгындоо. Ала-Тоодогу элдин абалы. Кыргыз көчүн көрсөтүүдөгү тилдик каражаттар. Көч камылгасы. Көчтүн жүрүшү. Көчкө катышкан кишилер жана унаалар. Манастын келбети, жүрүш-турушу.

**Каныкейдин сарамжалы** (1 саат).

Каныкейдин теги тууралуу маалымат. Жоокерчилик замандагы кыз-келиндердин милдети. Каныкейдин уздугу. Акылмандыктын даңазаланышы. Баатырдын жеңишиндеги анын аялынын орду. Каныкей тиккен буюмдар жана алардын сүрөттөлүшү. Улуттук кийимдердин чыгармадагы орду. Үзүндүнүн лексикасы: кесиптик сөздөр, архаизмдер.

**Кыргыздын колуна Сыргактын кабар бергени** (1 саат).

Үзүндүдө уруш эпизоддорунун сүрөттөлүшү. Баатыр жана кырк чоро. Душмандардын күчү. Баатырлар колдонгон аскердик курал-жарактар, жоо кийимдери. Баатырлардын минген аттары. Баатырдык жана коркоктук. Кабар берүү. Согуш учурунун абалын сүрөттөө өзгөчөлүгү. Манастын жана анын жакын жоокерлеринин образдары. Каармандарды сүрөттөө. Гипербола жана литота. Манас айтып көрүү жана конкурс уюштуруу.

**«Семетей» эпосу** *(үзүндү)* (2 саат).

Үзүндүлөрдүн кыскача мазмуну жана алардын идеясы. Семетейдин балалык чагы жана анын мекени тууралуу угушу. Окуялардын ырааттуулугу. Семетейдин сырткы көрүнүшү. Баланын баатырдыгы. Мекенчилдик туюму. Эл-жердин эркиндиги үчүн күрөшүү идеясы. Ата жана бала. Өз жери жана бөтөн жер. Баланын баатыр болуп калыптанышы. Каныкей, Сары таз ж.б. каармандар, алардын образын ачуу үчүн колдонулган көркөм сөз каражаттары.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик кайталоо** (1 саат).

## II ЧЕЙРЕК
**(7 саат)**

**«Сейтек» эпосу** *(үзүндү)* (2 саат).

«Сейтек»–»Манас» эпосунун үчүнчү бөлүмү. Сунуш кылынган үзүндүнүн идеясы. Үзүндүнүн көркөмдүгү. Баатырдык жана кадыресе турмуш-тиричиликтик көрүнүштөр. Кыргыз элинин салттары, үрп-адаттары. Баатырдын айлана-чөйрөсү. Ички душмандар менен күрөшүү. Чыгарманын тили. Үзүндүнүн ыр түзүлүшү. Үзүндүнү аткаруу.

**«Курманбек» эпосу** *(үзүндү)* (1 саат).

Сырткы душмандар менен күрөшүү идеясы. Ички душмандар. Ата жана бала мамилеси. Ат жана жоокер. Курманбектин достору, жары жана жигиттери. Баатырдын

курал-жарактары. Географиялык энчилүү аттардын дастанда эскерилиши. Дастан угуу, драмасын көрүү жана аларды эпос менен салыштыруу. Тилдик жактан анализ.

## ОРТО КЫЛЫМДЫН ОРТОК АДАБИЙ МУРАСТАРЫНАН

**Жусуп Баласагын «Кут алчу билим»** *(үзүндү)* (1 саат).

Тандалган үзүндүдөгү тарбия берүү ойлору. Адамдын улуулугу – анын тазалыгында, ыймандуулугунда. Доордун мүнөзү жана түбөлүктүүлүк. Адилеттик, чынчылдык, достук тууралуу ойлор. Башкаруучулар жана башкарылуучулар.

**Кашкарлык Мухмуд «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы»** *(үзүндү)* (1 саат).

Китептин баалуулугу. «Дивандагы» ыр түрмөктөрү. Түрк сөздөрү жана алардын изилдениши. Учурдагы колдонулган сөздөр менен салыштырып практикалык иштерди жүргүзүү.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик кайталоо** (1 саат).

## III ЧЕЙРЕК
## (10 саат)
## УЛАМЫШКА АЙЛАНГАН АКЫНДАР

**Кет Бука «Айгандын баласынын өлгөнүн угузганы», Асан Кайгы. Ырлары** (1 саат).

Кет Буканын ырынын тарыхый негизи. Өлүмдү угузуунун шарты жана аны Кет Буканын аткарышы. Кайгыны кабарлоонун поэтикалык каражаттары. Асан Кайгынын ырлардагы бийик гуманисттик рух. Жан дүйнөнүн тазалыгы, аруулук, актык. Экологиялык, ыймандык ойлор.

## ЭЛДИК ЫРЧЫЛАРДЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН

**Калыгул Бай уулу. Калыгулдун масели** (1 саат).

Акындын ырларынын наркы. Куттуу сөздүн куну. Дидактикалык маани-маңызы. Адам – бул дүйнөнүн башкы тирөөчү. Ыймандуулук. Чыгармадагы сөздөрдүн маанилери.

**Арстанбек Буйлаш уулу. «Санат»** (1 саат).

Арстанбек Буйлаш уулунун санаттарындагы ынтымак, ыйман, ырыс, адамгерчилик– санаттардын башкы темасы. Санат ырларындагы стилдик өзгөчөлүктөр. Кыргыз элинин ой жүгүртүү маданияты – санаттарда.

## КЫРГЫЗ ЖАЗМА АДАБИЯТЫНАН

**Алыкул Осмонов «Бөбөккө», «Адамзат», «Тирүүлүк», «Коштошуу», «Өзүмдү өзүм», «Мен кыргыздын акыны», «Музыка» (2 саат).**

Алыкул Осмоновдун кыргыз поэзиясындагы жаңычылыгы. Лирикаларындагы лирикалык образдын ачылышы, акындык ички толгонуулар, предметтүүлүк. Ырлардагы көркөм боёктор. Акындын Атажурт, адамдык жана акындык парз-милдет жөнүндөгү ырларындагы гуманисттик ойлор, граждандуулук, патриоттуулук, психологизм. Философиялык лирикаларындагы ойлорунун тереңдиги, акындык жүзүнүн тазалыгы, табигыйлыгы, өмүр жана өлүм карама-каршылыктарынын терең иштелиши, кайраттуулугу, оптимисттик духу. Акындын ырларынын жөнөкөйлүгү. Образдуулук, конкреттүүлүк. Атуулдук милдет жана адамдык парз. Улуулук жана сулуулук. Образ ачуудагы колдонулган ыкмалар. Ойлордун тереңдиги.

**Мукай Элебаев «Зарлык»** (1 саат).

Аңгеменин сюжети – жокчулуктун запкысын башынан өткөргөн жетим баланын жашоосу. Каармандар аркылуу адамдык улуу сапаттарды чагылдыруу. Гумандуулук, боорукерлик идеясынын берилиши. Зарлыктын тагдыры.

**Турар Кожомбердиев «Айылдагы ай нуру», «Нан», «Арча бешик», «Бийликте жаз»** (1 саат).

Акындын ырларындагы идея, тема. Поэзиядагы ыргактуулук. Салыштыруу, сүрөттөөлөрдүн берилиши. Образдуулук. Турмушту образдуу чагылдыруу үчүн колдонулган поэтикалык каражаттары. Ырларды көркөм окуу.

**Төлөгөн Касымбеков «Туулган жер»** *(үзүндү)* (1 саат).

Табият көрүнүшүн чагылдырууда жазуучунун сүрөткерлик өзгөчөлүгү. Жердин сулуулугун жалпы ааламдын сулуулугу менен гармонияда кароо идеясы. Элдик салт-санаалар, элдик маданият – тууган жердин ажыралгыс бөлүгү. Адамдардын мамилесин, адамгерчиликтин жөнөкөй бир көрүнүштөрүн чагылдыруу. Каармандардын сүйлөшүүлөрү, пейзаждык сүрөттөөлөр.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик кайталоо** (1 саат).

## IV ЧЕЙРЕК
## (8 саат)

**Чыңгыз Айтматов «Саманчынын жолу»** ***(үзүндү)*** **(2 саат).**

Чыгармадагы адамдын улуулугу тууралуу ойлор. Майтарылбас эрк жана адамдын трагедиясынын чексиздиги. Эне жана бала. Согуштун алыскы айылга таасири. Жазуучунун тил байлыктары, диалог куруу чеберчилиги, сүрөттөөлөрүнүн ар түрдүүлүгү, шарттуулук ыкмасынын мүмкүнчүлүгү.

## ЖАКЫНКЫ ЧЫГЫШ АДАБИЯТЫ

**Саади Ширази. «Гүлстан» (тандалган үзүндүлөр) (1 саат)**

Чыгармадагы адеп-ахлактын идеялар. Чыгыш элдеринин притчаларын жана аңгемелерин автордун колдонуу чеберчилиги. Ар бир аңгеменин моралы жана бейттердин мааниси. Элдик идеялардын, макал-ылакаптарды колдонулушу.

*Адабият теориясынан маалымат: Бейт*

**Мавлана Джалал ад-Дин Руми. «Маснави» (тандалган үзүндүлөр) (1 саат).**

Руминин дүйнөлүк маданияттагы орду. «Маснави» деген чыгармасынын жазылыш, элге тараш тарыхы. Тарбия берүү идеялары. Чыгарманын формасы. Реалисттик жана натуралисттик сүрөттөөлөр. Чыгыштык мотивдер. Поэзия менен прозанын шириеши. Руминин гуманизими.

*Адабият теориясынан маалымат: Суфисттик адабият*

## АМЕРИКА АДАБИЯТЫ

**Д. Лондон. «Ак азуу» (үзүндү) (2 саат)**

Адам жана жаратылыш темасы. Катаал турмуш жана андагы жашоо үчүн күрөш.

*Адабият теориясынан маалымат: Повесть.*

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик жана жылдык кайталоо** (1 саат).

**Жалпы:**
*Чыгармаларды үйрөнүү үчүн – 26 саат;*
*Жазуу жумуштары үчүн – 4 саат;*
*Кайталоо үчүн – 4 саат.*

## ЖАТТООГО СУНУШ КЫЛЫНГАН ЧЫГАРМАЛАР:

«Манас» (үзүндү)
«Курманбек» (үзүндү)
«Жылан чакканда айтыла турган дарым», «Кара курт чакканда айтыла турган дарым»
Жусуп Баласагын «Кут алчу билим» (үзүндү)
Асан Кайгы Ырлары (үзүндү)
Калыгул Бай уулу Калыгулдун масели (үзүндү)
Арстанбек Буйлаш уулу «Санат» (үзүндү)
Алыкул Осмонов «Бөбөккө», «Адамзат», «Тирүүлүк», «Коштошуу», «Өзүмдө өзүм», «Мен кыргыздын акыны», «Музыка»
Чыйгыз Айтматов «Саманчынын жолу» (үзүндү)

## Окуучулардын билимине, билгичтигине, ык-машыгууларына коюлуучу талаптар:

*VIII классты бүтүргөн окуучулар төмөнкүдөй билим, билгичтик, ык-машыгууларга ээ болушу керек:*

- көркөм чыгармалардагы сүрөттөөлөрдүн, баяндоолордун, ой жүгүртүүлөрдүн маанисин билүү, кыргыз тилинде жана өзбек тилинде тексттин маанисин айтып берүү;
- текстти эркин которуу;
- чыгарманын темасын, идеясын аныктай алуу;
- тексттен түшүнбөгөн сөздөрүн сөздүктөрдөн табууга жетишүү;
- каармандардын иш аракетин, мүнөзүн, образдарды талдай билүү;
- өзбек адабиятындагы темасы, идеясы, сюжети окшош чыгармалар менен салыштыра алуу;
- орто кылымдардагы тарыхый мурастар, жазма адабият жана төкмөчүлүк тууралуу түшүнүккө ээ болуу;
- жаттаган чыгармаларды кыргызча көркөм айтып берүү;
- тексттердин негизинде мамлекеттик тилде жазма иштердин ар кандай формаларын аткара билүү;
- Манас айта билүү ж.б.

## IX КЛАСС
**(жыл бою 34 саат)**

## I ЧЕЙРЕК
**(9 саат)**

## ЭЛДИК АКЫНДАРДЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН

**Токтогул ырчы (Сайдали уулу) «Соңку ыр», «Жаныбек ханга айтканы», «Жаныбек ханды табалап ырдаганы»** (1 саат).

Аты уламышка айланган ырчы жашаган доор жана ошол доордун анын ырларында чагылдырылышы. Чыгармаларынын идеясы, темасы. Ойлорунун таамайлыгы, чечкиндүүлүгү, позициясынын бекемдиги. Көркөм табылгалары.

**Молдо Нияз «Даткайым»** (1 саат).

Аялзаттын сынын даңазалаган чыгарма, андагы аял, эне, жар, сулуулук, акылмандык, адамгерчилик жөнүндө ырчылык көз караш. Акындын лексикасын, стилистикасын башка тилдер менен салыштыруу.

**Балыкооз (Бекмурат) Кумар уулу «Манастын күмбөзү туурасында»** (1 саат).

Манас баатыр жана анын күмбөзү тууралуу аңгеме. Кыргыз элиндеги күмбөз түшүнүгү. Жаштарды тарбиялоодогу баатырдын күмбөзүнүн ролу. Баатырдык жана баатырдыкка тарбиялоо идеясы. Элдик мемарчылык (архитектура) өнөрү жана күмбөздүн курулуш технологиясы. Акын колдонгон поэтикалык образдар.

**Солтобай Токтоболот уулу «Жарыктыгым, көл ата»** *(тандалган үзүндүлөр)* (1 саат).

Ысык-Көлдүн ыйыктыгы, аны сактоонун зарылдыгы тууралуу ойлор. Уруулар трагедиясы, ички ыйкы-тыйкылыктар, тууган жер менен коштошуу. Көл өрөөнүнүн тарыхы, географиясы акындык көз менен. Акын айткан Көл өрөөнүнүн флорасы жана фаунасы. Азыркы экологиялык абал жана Солтобайдын чыгармачылыгы.

**Коргоол Досу уулу «Токтогул дүйнөдөн өткөндө Корголдун айткан кошогу»** (1 саат).

Ырдын тарыхый негизи. Токтогулдун тагдырынын татаалдыгы жана аны Коргоолдун туя билиши, элге жеткире алышы. Учурашуу ырынын салттарынын сакталышы. Кошок – адабий жанр катары жана эл турмушундагы кошоктордун ролу. Коргоолдун кошогунун стилдик бөтөнчөлүктөрү.

**Эшмамбет Байсейит уулу «Көркөмүң сонун, алайлык», «Кеңкол», «Касиеттүү жер эне», «Кеминим жердей жер экен»** (1 саат).

Кыргыз жеринин ар кайсыл аймактарынын поэтикалык образы – элдик ырчынын чагылдыруусунда. Жер жана эл биримдиги. Ар бир жердин артыкчылыктары, касиеттери. Жер байлыктары. Эшмамбеттин ырлары жана азыркы экологиялык кырдаал. Ырлардын көркөмдүк наркы.

**Тоголок Молдо «Алкы жаман карышкыр», «Арстандын күчүгүн асыраган мышык»** *(тамсилдер)* (1 саат).

Кыргыз адабиятындагы тамсил жанры жана Тоголок Молдонун тамсилдери. Тамсилдердеги каймана образдар. Каармандардын сүйлөшүүлөрү. Ачкөздүктүн, алкы бузуктуктун ашкерелениши. Тамсилдерди ролдоштуруп аткаруу. Чыгармалардын тилин талдоо.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик кайталоо**

## II ЧЕЙРЕК
## (7 саат)

## КЫРГЫЗ ЖАЗМА АДАБИЯТЫНАН

**Жоомарт Бөкөнбаев «Жайдын кечи», «Кышкы тоо»** (1 саат).

Жоомарт Бөкөнбаевдин пейзаждык лирикаларындагы каарман. Жаратылышты жандандыруу үчүн акын колдонгон ыкмалар. Салыштыруулар. Ыр менен сүрөт тартуу, ал үчүн колдонгон сөз-боёктор.

**Аалы Токомбаев «Мезгил учат»** *(үзүндү)* (2 саат).

Чыгарманын тарыхый-биографиялык негизи. Прототип түшүнүгү. Доордун реалдуу картинасы жана каармандын калыптануусуна таасир эткен шарттар. Оор күндөрдөгү балалык. Түштүк Кыргызстандын адамдарынын эмгекчилдиги, мээнеткечтиги. Кыргыз интеллегенциясынын пайда болушу. Сүрөтчүнүн басып өткөн жолу – чыгарманын негизги

сюжети. Повесттин тили. Диалогдор жана монологдор. Көркөм деталдар. Образдар. Сөз күчү.

**Түгөлбай Сыдыкбеков «Жаз мээрими»** (1 саат).

Чыгармадагы башкы идея. Жаздын мезгил катары өзгөчөлүү белгилери. Мезгилдин образы жана духу. Жазуучунун сүрөттөө чеберчилиги. Баяндоо жана анын ыраттуулугу.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик кайталоо** (1 саат).

## III ЧЕЙРЕК
## (10 саат)

**Алыкул Осмонов «Кыргыз тоолору»** (1 саат).

Кыргыз тоолорунун көркөм сүрөтү. Салыштыруулардын таамайлыгы. Тоонун образы. Адам жана тоо. Акындын чеберчилиги, анын ыр түзүү ыкмалары.

**Жалил Садыков «Манастын уулу Семетей»** *(үзүндү)* (2 саат).

Драманын эпостук негизи. Семетейдин алыс жердеги балачагы жана Мекенди тую сезими. Атажуртту коргоо, азат кылуу идеясы. Баатырдык, айкөлдүк, эрдик темалары. Тууган жерге кусалык, тууган жердин ыйыктыгы. Тулпарлар. Акылмандар. Улуулар жана кичүүлөр байланышы. Драманы сахналаштыруу.

**Чыңгыз Айтматов «Бетме бет»** *(үзүндү)* (2 саат).

Улуу Атамекендик согуш учурунун реалдуу картинасынын чыгармага негиз болушу. Ысмайыл жана Сейде: мүнөздөрдүн эволюциясы. Согуш учурундагы кыргыз айылынын картинасы. Каармандардын портрети. Пейзаждык сүрөттөөлөрдүн чыгармадагы мааниси. Бозгундук жана мекенчилдик. Адам – Мекен – коом түшүнүктөрү, алардын биримдиги, гармониясы. Учур жана тагдыр. Чыгармадагы монологдор, диалогдор, сүрөттөө каражаттары. Жазуучунун тил байлыктарды колдонуусун талдоо. Өзбек (тажик) тилине которулган повесть менен кыргыз тилиндегисин салыштыруу.

**Мурза Гапаров «Наташа Ростованын биринчи балы»** (2 саат).

Жаш адамдын дүйнөсүн берүүдөгү жазуунун чеберчилиги. Диалогдор. Баяндоонун кыскалыгы, тактыгы, предметтүүлүгү. Автордун каармандын ички дүйнөсүнө кирүү бөтөнчөлүгү.

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик кайталоо** (1 саат).

## IV ЧЕЙРЕК
## (8 саат)

**Шайлообек Дүйшеев «Кайдыгерлик»** (1 саат).

Ырдын идеясы – турмуштук көрүнүштөргө кайдыгер болбоо. Улуттук аң-сезим, улуттук тил жана алардын азыркы абалын публицистикалык маанайда берүү. Жаштар жана алардын бүгүнкү жашоо образы. Автордун чакырыгы. Акындын чакырыктык-публицистикалык стилин талдоо

## КАЗАК АДАБИЯТЫ

**Абай. «Санат сөздөрү» (тандалган үзүндү) (1 саат)**

Абай Кунанбаев – казак элинин акыны, агартуучусу, музыканты, ойчулу, коомдук ишмери. Акындын чыгармасындагы элдик педагогика жана фольклордун таасири. Адам

болуу тууралуу идеялар жана алардын эл турмушундагы мааниси. Акындын философиялык ойлорунун бүгүнкү күндөгү мааниси.

*Адабият теориясынан маалымат: Дидактикалык чыгарма.*

## ОРУС АДАБИЯТЫ

**И.С.Тургенев. «Муму» (1 саат)**

Повесттеги реалдуулук. Турмуштук жана нравалык сүрөттөлөр. Герасимдин адептик белгилери. Герасим жана Муму. Гуманизм идеясы. Азап тартуу жана ташбоордук. Автордук позиция.

*Адабият теориясынан маалымат: Повесть.*

## ЖАКЫНКЫ ЧЫГЫШ АДАБИЯТЫ

**А.Фирдоуси. «Шах наме» поэмасынын үзүндү. (1 саат)**

Акындын чыгармаларындагы тарыхыйлык, масштабдуулук. Элдик оозеки адабиятынын таасири. Баатырдыктын романтикасы. Ак ниеттүүлүк жана карасанатайлык, баатырдык жана коркоктук, сулуулук жана куниктик. Чыгарманын этико-эстетикалык сабактары.

*Адабият теориясынан маалымат: Эпикалык чыгармалар.*

**Омар Хайям. Рубаилер (1 саат).**

Рубаилердин курулуш өзгөчөлүктөрү. Жанрдын калыптанышына О.Хайямдын кошкон үлүшү. Акындын сүйүү, жашоо, жаштык темасындагы философиялык ой жүгүртүүлөрү. Рубаилердеги тема жана идея. Рубаилердин котормолору.

*Адабият теориясынан маалымат: Рубаи.*

**Жазуу иши** *(эссе, баяндама, дил баян ж.б.)* (2 саат).

**Чейректик жана жылдык кайталоо** (1 саат).

**Жалпы:**

*Чыгармаларды үйрөнүү үчүн – 26 саат;*
*Жазуу жумуштары үчүн – 4 саат;*
*Кайталоо үчүн – 4 саат.*

## ЖАТТООГО СУНУШ КЫЛЫНГАН ЧЫГАРМАЛАР:

Коргоол Досу уулу «Токтогул дүйнөдөн өткөндө Корголдун айткан кошогу» (үзүндү)
Тоголок Молдо «Алкы жаман карышкыр», «Арстандын күчүгүн асыраган мышык»
Жоомарт Бөкөнбаев «Жайдын кечи», «Кышкы тоо»
Аалы Токомбаев «Мезгил учат» (үзүндү)
Алыкул Осмонов «Кыргыз тоолору»
Сүйүнбай Эралиев «Бүбүсара» (үзүндү)
Жалил Садыков «Манастын уулу Семетей» (үзүндү)
Шайлообек Дүйшеев «Кайдыгерлик»

**Окуучулардын билимине, билгичтигине, ык-машыгууларына коюлуучу талаптар:**

*IX классты бүтүргөн окуучулар төмөнкүдөй билим, билгичтик, ык-машыгууларга ээ болушу керек:*

- төкмө ырчылык өнөр менен жазма акын-жазуучулардын чыгармачылыгынын өзгөчөлүктөрүн айырмалай билүү;
- үйрөнүлүп жаткан чыгарманын тектик, түрлүк, жанрдык айырмачылыгын билүү;
- тексттеги сөздөрдү эркин которо алуу;
- чыгарманын негизинде ар кандай жазуу жумуштарын аткарууга жетишүү;
- жаттоого берилген чыгармаларды көркөм, шыдыр айта алуу;
- тексттин планын түзө алуу, пландын негизинде оозеки жана жазуу жумуштарын жүргүзүү;
- өзбек адабиятынан үйрөнүлүп жаткан чыгармага окшоштугу бар чыгармаларды таба билүү;
- тексттен таяныч сөздөрдү таап чыгуу;
- тексттеги көп колдонулган жана аз колдонулган сөздөрдү белгилөө;
- прозалык тектеги чыгармаларды драмалык текке кыргыз тилинде айлантып жаза алуу;
- чыгармаларды тарыхый окуялар менен салыштыра билүү

## X КЛАСС
## (жыл бою 34 саат)

### I ЧЕЙРЕК
### (9 саат)

### ЭЛ ЫРЧЫЛАРЫНЫН ЧЫГАРМАЛАРЫНАН

**Токтогул Сатылганов «Дүнүйө», «Гүлдөп ал»** (1 саат).

Адам жана дүйнө, өмүр жана өлүм, жашоонун маңызы тууралуу ойлор. Карама-каршы коюу ыкмасы. Токтогулдун гумандуу философиясы жана элдик эстетикасы. Жаштарга насаат. Акын колдонгон поэтикалык ыкмалар жана алардын ой айтуудагы функциясын талдоо.

**Тоголок Молдо «Ала-Тоо»** (1 саат).

Алатоо – акындын көркөм интерпретациясында. Табияттын сулуулугу, жаратылыштын түбөлүктүүлүгү. Акындын ой жүгүртүүсүнүн масштабдуулугу, жалпы адамзаттык баалуулуктарды көтөрүп чыгышы. Чыгармадагы экологиялык-этикалык проблемалар.

**Барпы Алыкулов «Шамал», «Көз»** (1 саат).

Барпы – дидактикалык жана философиялык ойлорду айтуунун чебери. Акындын дүйнө, аалам кубулуштары, адамдын бул жашоодогу максаты тууралуу айткандарынын бүгүнкү күн менен байланышы. Адам темасы. Адамдын улуулугу, жарыктын мааниси. Дүйнө кубулуштарын ырдоодо – акындын эмприкалык билиминин бийиктиги. Өз тагдыры жана анын чыгармачылыгындагы изи. Акындын ырларындагы салыштыруулар, образдуулук, диалектилик сөздөр, сөз айкаштары.

**Молдо Багыш Сарыбай уулу. «Жеңижокту жоктоо»** (1 саат).

Ырдагы муундар байланышы. Жеңижокту ырга салуу чеберчилиги. Ырдан тили.

## КЫРГЫЗ ЖАЗМА АДАБИЯТЫНАН

**Жоомарт Бөкөнбаев «Токтогулдун өмүрү»** (2 саат).
Адабий эссе. Токтогулдун чыгармачылыгынын көркөм чагылдырылышы.
**Жазуу жумуштары (2 саат)**
**Чейректик кайталоо** (1 саат)

## II ЧЕЙРЕК
## (7 саат)

**Мукай Элебаев «Узак жол» *(үзүндү)* (2 саат).**
Эл башынан өткөргөн оор турмуш картинасы. Эркиндик, Атажурт темасы. Жетимчилик, анын кесепети реалисттик боёктордо. Чыгармадагы таптык жиктелүүлөр. Каармандардын мүнөздөрүнүн айрымачылыктары. Жазуучунун тили.
**Аалы Токомбаев «Жараланган жүрөк»** *(үзүндү)* (2 саат).
Чыгарманын тарыхый-турмуштук негизи. Каармандардын абалы, күрөшү, кыйынчылыктарга туруштук берген чыдамдуулугу. Үзүндүнүн сюжеттик-композициялык курулушу, көркөмдүк жана адеп-ахлак сабактары. Жазуучунун тилдик бөтөнчөлүктөрү.
**Сүйүнбай Эралиев «Эне», «Каныкейдин көз жашы»** (1 саат).
Сүйүнбай Эралиевдин лирикаларындагы образдуулук, көркөм сүрөттөөнүн орундуулугу. Лирикалардын тарбиялык таасирлери. «Кесир инсан» поэмасындагы ыйман, адеп, тарбия маселелеринин көтөрүлүшү. Лирикалуулук, автордук чегинүү, ой толгоолор.
**Жазуу жумуштары (2 саат)**
**Чейректик кайталоо** (1 саат).

## III ЧЕЙРЕК
## (10 саат)

**Мурза Гапаров «Эки ирет гүлдөөчү алмалар» (1** саат).
Жазуучунун стили. Аңгемелердеги ойдун оригиналдуулугу. Жазуучунун тили.
**Чыңгыз Айтматов «Жамийла»** *(үзүндү)* (2 саат).
Чыгарманын берилген үзүндүсүндөгү автордук негизги ой. Каармандардын бири-бири менен болгон мамилелери. Окуяны баяндоонун өзгөчөлүгү. Жазуучунун образ түзүү чеберчилиги. Каармандардын сырткы көрүнүшү, ички дүйнөсү. Жаратылыш көрүнүштөрү – адамдын ички дүйнөсүн ачып берүүнүн бир каражаты катары. Кыргыз салттары жана жаңы көрүнүштөр. Жамийла, Данияр, Сейит. Адамдардын мамилесиндеги ар түрдүүлүктөр. Психологиялык татаал кырдаалдар. Чыгарманын тили. Өзбек тилиндеги котормосу менен повесттин кыргызчасын («Обон»), орусчасын салыштырып көрүү.
**Аман Саспаев «Кайнене»** (2 саат).
Чыгармадагы образдар системасы. Үй-бүлө маселесинин, кайнене менен келиндин мамилеси.
**Салижан Жигитов «Элегия»** (1 саат).
Ырдагы лирикалуулук. Трагедиялык мотивдер жана аны ачып берүүдө колдонулган символикалык образдар. Улуттук ой жүгүртүүнүн чагылдырылышы. Лирикалык каармандын ички толгонуулары. Чыгарманын көркөмдүгүн, ыр түзүлүшүн талдоо.
**Абдыкерим Муратов «Күн эжей»** (1 саат).
Окуянын өрчүтүү чеберчилиги. Окуучу менен мугалимдин мамилеси. Бүгүнкү турмуш жана өтмүш.

**Жазуу жумуштары (2 саат)**
**Чейректик кайталоо** (1 саат).

## IV ЧЕЙРЕК
## (8 саат)

## ЖАКЫНКЫ ЧЫГЫШ АДАБИЯТЫ

**Хафиз Ширази. Газелдер (1 саат).**

Акын жашаган доордун жалпы өзгөчөлүктөрү. Махабат – эң ыйык жана түбөлүктүү сезим. Хафиздин гуманисттик идеялары. Казалдардагы салттуулук жана жаңычылык. Чыгыштык мотивдер.

*Адабият теориясынан маалымат: Газель.*

## ИСПАН АДАБИЯТЫ

**М.Сервантес. «Дон Кихот» (романдан үзүндү) (2 саат).**

Адабий каармандын образын жаратуудагы жазуучунун чеберчилиги. Мүнөз жана анын аракеттери. Каармандын эволюциясы.

*Адабият теориясынан маалымат: Түбөлүк образ.*

## ЯПОН АДАБИЯТЫ

**Басё. Хокку (тандоо боюнча – 1 саат)**

Жапон поэтикалык мектеби. Ыр түзүлүш өзгөчөлүктөрү. Хокку, танк жөнүндө түшүнүк. Кишинин жандүйнөсүнүн акыны катары Басёнун таланты. Санаа, муңайымдык, жалгыздык темасы. Рух байлыгынын улуулугу, жашоонун сулуулугу. Басёнун чыгармачылык индивидуалдуулугу, дүйнөлүк поэзияга тийгизген таасири.

*Адабият теориясынан маалымат: Жапон поэзиясындагы ыр түзүлүштөрүнүн өзгөчөлүктөрү.*

## БАШКЫРТ АДАБИЯТЫ

**Мустай Карим. «Узак-узак бала чак» («Долгое-долгое детство») (повесттен үзүндү) (1 саат).**

Повесть жана анда сүрөттөлгөн учур. Чыгарманын автобиографиялуулугу. Башкырт элинин салттары, үрп-адаттары. Бала жана балалык темасы. Балдар жана улуулар. Балдар жана тарых. Автордун чыгармачылык өз алдынчалыгы.

**Жазуу жумуштары (2 саат)**

**Чейректик жана жылдык кайталоо** (1 саат).

**Жалпы:**

*Чыгармаларды үйрөнүү үчүн – 26 саат;*
*Жазуу жумуштары - 4 саат*
*Чейректик жана жылдык кайталоолор үчүн – 4 саат;*

## ЖАТТООГО СУНУШ КЫЛЫНГАН ЧЫГАРМАЛАР:

Токтогул Сатылганов «Дүнүйө», «Гүлдөп ал» (үзүндү)
Тоголок Молдо «Алатоо» (үзүндү)
Барпы Алыкулов «Шамал» (үзүндү)
Касым Тыныстанов «Жаңыл Мырза» (үзүндү)
Аалы Токомбаев «Жараланган жүрөк» (үзүндү)

Сүйүнбай Эралиев «Эне»
Чыңгыз Айтматов «Жамийла» (үзүндү)
Салижан Жигитов «Элегия»

**Окуучулардын билимине, билгичтигине, ык-машыгууларына коюлуучу талаптар:**

*X классты бүтүргөн окуучулар төмөнкүдөй билим, билгичтик, ык-машыгууларга ээ болушу керек:*

- үйрөнүлүп жаткан чыгарманын темасын, идеясын, проблематикасын аңдап түшүнүү;
- текстти кыргыз тилинде шыр окуй алуу;
- окуган чыгармалардын негизинде мамлекеттик тилде эркин сүйлөй билүү;
- прозалык чыгармалардын окуясын которо алуу;
- чыгармалардагы окуяларды негиз кылып ар кандай жазуу жумуштарын аткаруу;
- каармандарга, образдарга мүнөздөмө берүү, аларды бири-бири менен салыштырып көрүү;
- үйрөнүлүп жаткан чыгарманы өзбек, орус жана дүйнөлүк адабияттагы чыгармалар менен салыштыра билүү;
- чыгармага жеке пикирин билдирүү, кыргызча аннотация, рецензия жазуу.

## XI КЛАСС
## (жыл бою 34 саат)

### I ЧЕЙРЕК
### (9 саат)

### КЫРГЫЗ ЖАЗМА АДАБИЯТЫНАН

**Түгөлбай Сыдыкбеков «Көк асаба»** *(үзүндү)* (2 саат).

Көркөм чыгарма жана тарых. Өткөн тарых менен учурдун байланышы Каармандардын тилин талдоо аркылуу автордун тилдик чеберчилигин ачып берүү. Чыгарманын тили.

**Узакбай Абдукаимов «Майдан»** *(үзүндү)* (2 саат).

Романда тарыхый чындыктын – согуш кезиндеги майдан талаасынын жана оруктагы эл турмушунун реалисттик ыкмада, кеңири масштабда чагылдырышы. Чыгармадагы Качикенин образы. Анын үй-бүлөлүк турмушу, сүйүүсү. Сюжеттин өнүгүүсүндөгү драматизм. Каармандардын образы. Жазуучунун тилдик чеберчилиги.

**Cооронбай Жусуев «Курманжан датка» (***үзүндү)* (2 саат).

«Курманжан датка» – ыр менен жазылган роман. Кыйын мезгилде жашап, эл башкарып, элдин азаттыгы үчүн күрөшкөн, кыргыздын атактуу, акылман кызы, «Алай ханышасы» деген ат менен тарыхта белгилүү болгон Курманжан датканын татаал тагдырынын берилиши. Окуялардын ырааттуулугу. Акындын ыр куруу чеберчилиги.

**Жазуу жумуштары (2 саат)**

**Чейректик кайталоо** (1 саат).

### II ЧЕЙРЕК
### (7 саат)

**Чыңгыз Айтматов «Тоолор кулаганда»** *(үзүндү)* (2 саат).

Берилген үзүндүнүн идеялык-көркөмдүк наркы. Адам тагдырлары. Экологиялык-этикалык проблемалар. Байыркы акыл-эс жана ага азыркы адамдардын мамилеси. Руханий кыйроо, ага жеткирген нерселер. Ынсапсыздыктын, дүйнөкорлуктун ашкерелениши.

Традегиялуулук жана ага түткөн турмуштук жагдайлар. Көркөм фильм, спектакль менен чыгарманы салыштыруу. Үзүндүнү тилдик жактан талдоо.

**Жолон Мамытов «Сүрөттөр», «Улуу тема», «Туулган жерге», «Тоолугум»** (1 саат).

Ж.Мамытовдун лирикаларындагы атуулдук, философиялык көз караштар. Акынын ыр куруу техникасы. Ырлардагы салыштыруу. Патриоттук духтун чагылдырылышы. Түштүк темасы.

**Касымалы Жантөшев «Каныбек» *(үзүндү)* (2 саат)**

Үзүндүнүн негизги мазмуну. Жазуучунун турмуш көрүнүштөрүн ачып берүүдөгү стилдик бөтөнчөлүгү. Каармандарды мүнөздөө. Жомоктук мотивдер. Чыгармадагы тилдик байлыктар.

**Жазуу жумуштары (2 саат)**

**Чейректик кайталоо** (1 саат).

## III ЧЕЙРЕК
## (10 саат)

**Токтоболот Абдымомунов «Абийир кечирбейт»** *(үзүндү)* (2 саат).

Пьесанын ыймандык чакырыгы. Адамдык пастык, ыймансыздык, абийирдин кетиши жана тунук махабат жөнүндө ой. Каармандардын диалогу аркылуу алардын ички дүйнөлөрүнүн, идеалдарынын ачылышы. Чыгарманы ролдоштуруп аткаруу.

**Омор Султанов «Дарбаза»** (1 саат).

Ырдын идеялык-көркөмдүк кунары. Дарбазанын символикалык мааниси. Лирикалык каармандын толгонуулары жана анын күчү. Акындын ыр жазуу техникасын талдоо.

**Мурза Гапаров «Күнөстүү арал»** (үзүндү) (1 саат).

«Күнөстүү арал» повестинин сюжети. Шаар менен айыл. Адам пейилдери. Пейзаждык сүрөттөөлөр. Инсан жана жаратылыш. Жазуучунун образ түзүү чеберчилиги. Сүрөттөө каражаттары. М.Гапаровдун жеке стили, тексттеги диалектизмдер, алардын кызматы.

**Төлөгөн Касымбеков «Сынган кылыч»** *(үзүндү)* (3 саат).

Романдын үзүндүсүнүн көтөргөн темасы. Автордук идея, ошол идеяны ишке ашыруу үчүн тандалган турмуш көрүнүштөрү. Каармандардын образын чагылдырууда жазуучунун сүрөткерлик өзгөчөлүгү. Элдик салт, үрп-адаттар. Бийлик, байлык. Адамдардын тагдырлары. Каармандардын сүйлөшүүлөрү – алардын образдарын ачуунун негизги каражаттары. Чыгармадагы пейзаждык сүрөттөөлөр. Сырткы портреттер аркылуу каармандардын ички дүйнөсүн ачуу. Тексттин тилдик бөтөнчөлүктөрү. Котормосун салыштыруу

**Жазуу жумуштары (2 саат)**

**Чейректик кайталоо** (1 саат)

## IV ЧЕЙРЕК
## (8 саат)

**Майрамкан Абылкасымова «Эстелик сүйлөйт»** *(үзүндү)* (1 саат).

Поэманын шарттуу-символикалык стили. Согуш жана анын алыска жаӯырыгы. Эстеликтин трагедиясы. Чыгарманын бийик атуулдук пафосу, патриоттук тарбия берүү сабагы. Ыр формасы.

## КАЗАК АДАБИЯТЫ

**М.Ауэзов. «Абай жолу» (романдан үзүндү) (2 саат)**

Роман – казак элинин өткөн тарыхынын энциклопедиясы. Тарых жана тагдыр. Абайдын образы. Образдарды жаратуудагы жазуучунун чеберчилиги. Элдик үрп-адат, салт-санаа. Элдик чыгармачылык жана анын адамга тийгизген таасири. Чыгарманын жазылыш тарыхы жана анын совет адабиятындагы орду.

*Адабият теориясынан маалымат: Роман-эпопея.*

**Л.Н.Толстой. «Анна Каренина» (1 саат)**

Жазуучунун чыгармаларындагы эпикалуулук, масштабдуулук. Адам мүнөздөрүн, ички дүйнөнүн диалектикалык кыймылын ачып берүүдөгү чеберчилик. Психологиялык кырдаалдар жана психологизм. Адамдын татаалдыгы жана тагдырдын жолу. Дин жана инсан. Жазуучунун коомдук турмушка сын көз карашы. Лев Толстойдун жазуучулук бийиктиги.

*Адабият теориясынан маалымат: Литературный тип.*

## АНГЛИЯ АДАБИЯТЫ

**В.Шекспир. «Гамлет» (үзүндү) (1 саат).**

В.Шекспир жана анын дүйнөлүк көркөм маданияттагы орду. Гамлет жана гамлетчилик. Чыгармадагы адам жана анын эркиндиги темасы. Күрөш: жеңиш жана жеңилиш, бар болуу же бар болбоо. Драмадагы трагедиялуулук жана анын себептери. Трагедиялуулук алып келген катарсис.

*Адабият теориясынан маалымат: Трагедия тууралуу түшүнүктү тереңдетүү.*

**Жазуу жумуштары (2 саат)**

**Чейректик, жылдык кайталоо** (1 саат).

**Жалпы:**

*Чыгармаларды үйрөнүү үчүн – 25 саат;*

*Жазуу жумуштары жана кайталоолор үчүн – 9 саат.*

## ЖАТТООГО СУНУШ КЫЛЫНГАН ЧЫГАРМАЛАР:

Сооронбай Жусуев «Курманжан датка» (үзүндү)

Жолон Мамытов «Сүрөттөр», «Улуу тема», «Туулган жерге», «Тоолугум»

Турар Кожомбердиев «Айылдагы ай нуру», «Нан», «Арча бешик», «Бийликте жаз»

Омор Султанов «Дарбаза»

Мурза Гапаров «Күнөстүү арал» (үзүндү)

Токтоболот Абдымомунов «Абийир кечирбейт» (үзүндү)

Майрамкан Абылкасымова «Эстелик сүйлөйт» (үзүндү)

Токтосун Самудинов «Оюн ырлары»

## Окуучулардын билимине, билгичтигине, ык-машыгууларына коюлуучу талаптар:

*XI классты бүтүргөн окуучулар төмөнкүдөй билим, билгичтик, ык-машыгууларга ээ болушу керек:*

- чыгарманы же анын сунуш кылынган үзүндүсүн сөздүктөрдүн жардамысыз эле толук түшүнүү;
- текст боюнча түшүнүгүн кыргызча кеңири айтып берүү;
- көркөм образдарды талдоо, каармандарды салыштыра алуу;
- окулган чыгармага аргументтүү баа берүү;
- чыгарма боюнча дил баян, эссе, реферат, отзыв, рецензия жазуу;
- текстти көркөм, шыдыр окуу;

- жаттоого берилген чыгармаларды шар айтуу;
- өзбек адабиятындагы чыгармалар менен салыштыра билүү.

## 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары жана ченемдери

Баалоо окуучулардын окуу жетишкендиктеринин предметтик стандарттын мазмунуна дал келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт. Инсанга багытталган окутуунун практикасында окуучулардын окуу жетишкендиктерин текшерүүнүн төмөнкү стратегиялары көбүрөөк жайылтылган:

1) окуучунун баштапкы жана аякталыштагы жыйынтыктарынын дал келиши, б.а. окуучунун жеке өсүшүнүн динамикасы;

2) окуучу жасаган иштин критерийлер менен дал келиши.

Окутуу учурунда төмөнкүлөр бааланат:

- сабак учурундагы окуучулардын иши;
- окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы;

Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо тапшырмалардын түрдүү тапшырмалары колдонулат.

Тапшырмаларды топторго бөлүштүрүү төмөндөгүлөрдү эске алуу менен өткөрүлөт:

- берилген тапшырмаларды чечүүнүн ар түрдүү деңгээлдеги татаалдыгын;
- окуучулардын тапшырмаларды чечүүнүн ар түрдүү деңгээлдеги өз алдынчалыгын.

**1-топтогу тапшырмалар** – текст боюнча жалпы багыт алуу, ачык берилген маалыматты колдонуу: ачык берилген маалыматты издөө жана табуу, ошондой эле тексттеги фактылардын негизинде түз жыйынтыктар менен корутундуларды формулировкалоо (тексттеги маалыматтын негизги темасын жана идеясын түшүнүү, тексттеги айтылгандар боюнча жалпы түшүнүк).

**2-топтогу тапшырмалар** – текстти терең түшүнүү, маалыматты интерпретациялоо жана өзгөртүп түзүү, анализдөө, текстте ачык эмес берилген маалыматты жалпылоо жана интерпретациялоо, текстте түз айтылбаган байланыштарды орнотуу, бир топ татаал жыйынтыктарды жана баалоочу ойлорду айтуу.

**3-топтогу тапшырмалар** – маалыматты окуу-практикалык тапшырмаларда колдонуу жана өз тексттерин түзүү, карама-каршы жана талаш маалыматты табуу, алынган маалымдоо боюнча баалоочу пикирин жана өз көз карашын айтуу.

Төмөнкү таблицада предметтик стандарттардын жетишкендиктерин таап көрсөтүүгө багытталган тапшырмалардын түрлөрүнүн варианты жана бул же тигил тапшырмалар үчүн баанын оордугун болжолдуу бөлүштүрүү сунушталган.

**Окуучулардын компетенттүүлүгүн баалоо үчүн тапшырмалардын түрлөрү**

**10-таблица**

| № | Окуучулардын компетенттүүлүгүн баалоочу тапшырмалардын түрлөрү | Баанын оордугун болжолдуу бөлүштүрүү | Тапшырмалардын топтор менен дал келиши |
|---|---|---|---|
| 1. | Айтып берүүнүн түрлөрү | 10% | 1 |
| 2. | Окуучулардын текстке карата суроо берүүсү. Суроолорго жооп берүүсү | 10% | 1,2,3 |
| 3. | Чыгармалардын, образдардын, темалардын, эпизоддордун анализи | 20% | |
| 4. | Жазуу иштери (иштердин мазмунуна багыт алуу, окуучулардын рефлексиясынын негизинде кыргыз тили сабактары менен байланышы):<br>Эркин эссе.<br>Аргументтештирилген эссе.<br>Түрдүү жанрларда дил баян (эссе, жомок, тамсил, ыр, аңгеме). | 15% | 2,3 |
| 5. | Көркөм окуу.<br>Сахналаштыруу.<br>Иллюстрациялоо, жабыштырып жасоо, аппликация жана башкалар. | 10% | 3 |
| 6. | Адабий темалар боюнча чыгармачылык долбоор.<br>Комплекстүү долбоор (сүрөт колдонуу менен чоң эмес изилдөө, музыка, информатика). | 20% | 2,3 |
| 7. | Чыгармачыл презентация | 15% | 2,3 |

Эскертүү:

Иштердин саны жана баалардын оордугу боюнча бөлүштүрүү класстан-класска компетенттүүлүгүнүн өсүү динамикасын эске алуу менен ишке ашырылат. Класстарга бөлүштүрүүгө ылайык баалоо үчүн жалпы багыт болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- жумуштун көлөмү
- кабыл алуу менен түшүнүүнүн тереңдиги
- өз алдынчалыктын деңгээли (демилгелөө, тандоо, интерпретациялоо)
- чыгармачылык ыкма
- айтканын аргументтештирүүсү, текстке таяныч

Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасын баалоо критерийлери ар бир тапшырмага жана иштин түрлөрүнө карата түзүлөт.